**Ж. БАЛАСАГЫН атын. КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСТЕТИ**
**Б.ЕЛЬЦИН атын. КЫРГЫЗ-РОССИЯ СЛАВЯН УНИВЕРСИТЕТИ**

Диссертациялык кеңеш Д 08.18.571

Кол жазма укугунда
**УДК 336.6. (575.3)(043.3)**

**Шербекова Анарбубу Аманкуловна**

# Кыргыз Республикасынын курулуш индустриясынын инвестициялык стратегиясын финансылык жөнгө салуу

08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит

Экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын авторефераты

**Бишкек – 2019**

**Иш Н.Исанов атындагы Кыргыз мамлекеттик курулуш, транспорт жана архитектура университетинин “Бухгалтердик эсеп жана аудит” кафедрасында аткарылды.**

| | |
|---|---|
| **Илимий кеңешчи:** | **СаякбаеваАйганышАпышевна**, экономика илимдеринин доктору, профессор Ж.Баласагын атындагы КУУнун “Финансы” кафедрасынын башчысы |
| **Расмий оппоненттер:** | **Кулуева Чинара Раимкуловна,** экономика илимдеринин доктору, доцент ОшМУнун “Финансы жана кредит” кафедрасынын башчысы |
| | **Дюсембаев Каким Шаяхметович,** экономика илимдеринин доктору, Казакстан Республикасы, Нархоз университетинин “Бухгалтердик эсеп, аудит жана баалоо” кафедрасынын профессору, |
| | **Токтобекова Майрамкуль Акматбековна,** экономика илимдеринин доктору, доцент, КРПМБА нын АЖМ “Мамлекеттик жана Муниципалдык Башкаруу, Политикалык Технологиялары, менеджмент жана экономика” кафедрасынын профессор м.а. |
| ***Жетектөөчү уюм:*** | М.Ауезов атын. Түштүк-Казак мамлекеттик университетинин “Финансы” кафедрасы, 160012, Казакстан Республикасы, Шымкент ш., Тауке хан проспекти, 5. |

Коргоо 2019-жылдын “31” майында саат 14.00дө Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине жана Б.Н.Ельцин атындагы Кыргыз-Россия Славян университетине караштуу экономика илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн диссертацияларды коргоо боюнча Д.08.18.571 ведомстволор аралык диссертациялык кеңеште 720033, КыргызРеспубликасы, Бишкек шаары, Жибек Жолу проспекти 394 дарегибоюнча 300-аудиторияда өтөт.

Диссертацияны автореферати менен Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин китепканасынан: 720033, Кыргыз Республикасы, Бишкек шаары, Жибек Жолу проспектиси 394 дареги боюнча жана Б.Ельцин

атындагы Кыргыз-Россия Славян университетинин китепканасынан: 720000, Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Киев көч 44 дареги боюнча, ДК сайтынын дареги: **www.dissovetecon.knu.kg** таанышууга болот.

Автореферат «__» _____________ 2019-ж. таркатылды.

**Диссертациялык кеңештин**
**окумуштуу катчысы,**
**экономика илимдеринин**
**кандидаты, доцент** **М.А.Дженалиева**

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациялык изилдөөнүн актуалдуулугу.** Тигил же бул өлкөнүн экономикасынын өнүгүшү курулушка чет элдик инвестицияларды тартуу жана финансы чөйрөсүндө структуралык-институционалдык кайра түзүүлөрдү ишке ашыруу боюнча мамлекеттик саясатты жүргүзүүнүн негизинде жашоо деңгээлинин өсүүсү жана финансы ресурстарынын чогулуусу жүрүп турат. Кыргыз Республикасынын экономикасы позитивдүү иштөөсү үчүн зарыл түрдө ишке ашыруучу башкы талаптардин бири жолго салынган рынок мамилесин калыптандыруу процессин туруктуу өнүктүрүү моделине коомдун өтүүсү болуп саналат. Муну менен бирге экономиканын курулуш сыяктуу тармагынын эффективдүүлгүн жогорулатуунун биринчи даражадагы ролу инвестициялык өнүгүүнү четке кагуу болуп саналат.

Курулушта инвестициялык өнүгүүнү жакшыртуу проблемасы Кыргыз Республикасында (мындан ары – КР) алсыз инвестиция тартуу шартында аны өнүктүрүү экономиканын реалдуу секторун башкаруунун эффективдүү экономикалык инструменти катары актуалдуу болуп саналат, ал 2025-жылга чейин КР экономикасын өнүктүрүүнүн стратегиясы менен аныкталган узак мөөнөттүү артыкчылыктарга жооп берет. Алдыга коюлган милдеттерди аткаруу рынок мамилесинде капитал катары катышкан, коомдук өндүрүштү түзүп турган маанилүү ресурстардын бири болуп саналган, өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес багыттагы негизги фонддорду түзүү жана өндүрүүнүн инструменти катары курулушту инвестициялоону башкаруунун принцибин жана методун өзгөртүүнүн зарылдыгын алдын ала аныктайт.

Муну менен бирге негизги өндүрүштүк фонддордун санын жана сапатын жакшыртуу ишкананын материалдык-техникалык базасын жакшыртуунун негизи катары, ошондой эле, экономиканын тармагы жалпысынан түзүлгөн чарбалык шартта инвестициялык чектелген ресурс жана маанилүү масштабдуу каалоо менен ишке ашырылат. Мындай карама-каршы келген жагдайда экономиканын өсүүсүндө жана социалдык проблемаларды чечүүдө курулушка интенсивдүү ишмердүүлүк менен интенсивдүү киришүү жолу менен гана аткаруу шартталат.

Чарбалык субъекттин негизги капиталы инвестициялык салым кошуу менен ишке ашырылат. КР инвестициялык абал жалпысынан анын тармактарында улуттук дагы, чет элдик дагы инвесторлор үчүн жагымсыз болйдон калып келет. Инвестициялык кризис ички дүң продукциянын жыйноо үлүшүнүн кыскарышы, капитал салымдарынын көлөмүнүн абсолюттук төмөндөшү, курулуштун өндүрүштүк потенциалдык абалынын начарланышы, физикалык эскирүүнүн натыйжасында аларды жаңылоодо негизги каражаттардын чыгашасынын деңгээли жогорулоосу менен аныкталат.

Мындан ары экономиканын өнүгүшү инвестициялык чөйрөнүн абалын түп тамырынан бери жакшыртуу жана чарбалык субъектке инвестициялык активдүүлүктү жогорулатуу үчүн жагымдуу шарттарды түзүүсүз мүмкүн эмес экендиги талашсыз. Мында негизги роль структуралык, финансылык жана акча-кредиттик саясатты жүргүзүү аркылуу инвестицияларга мамлекеттик жөнгө салууда жатат. Аны ишке ашыруунун негизги багыттары болуп ааламдашууга ыңгайлашууну ылдамдатуу жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатууга багытталган курулуш өндүрүшүн модернизациялоо болуп саналат. Ири вертикалдуу-интеграцияланган структураны түзүү практикасын, анын ичинде капиталды топтоштуруу жана инвестициялык ресурстарды бириктирүүнүн, ошондой эле, кооперативдик жана технологиялык процесстерди өнүктүрүүнүн негизинде финансы-курулуш топторун өнүктүрүү керек.

Инвестициялык климаты жакшыруу курулуш индустриясына курулуш өндүрүшүн инновациялык негизде модернизациялоо, кайра конструкциялоо жана кеңейтүүнү камсыз кылуу менен негизги капиталга каражатты активдүү салууга мүмкүндүк берет. Акыркысы негизги капиталдын жана анын ИДП үлүшүнө инвестициясынын көлөмүн абсолюттук көбөйтүүгө маанилүү мүмкүндүк берет

КР инвестициялык ишмердүүлүктү өнүктүрүүнүн көп кырдуу проблемасы курулуш спецификасы дүйнөлүк позитивдүү тажрыйбаны жалпылоонун, ошондой эле, аталган изилдөөнүн актуалдуулугун көрсөткөн сунуштарды иштеп чыгуунун негизинде терең ой жүгүртүүнү жана илимий анализди талап кылат.

КР инвестициялык өнүктүрүүнү изилдөөгө байланышкан бир катар проблемаларды чечүүгө кыргыз окумуштуулары, анын ичинде академик Т.К. Койчуев жана профессорлор М.Б. Балбаков, Ш.М. Мусакожоев, А.С. Сарыбаев, А.О. Орузбаева, А.А. Саякбаева, О.К. Курманбеков, Д.Ч. Бектенова ж.б маанилүү салым кошушкан.

Илимий ой жүгүртүүнү өнүктүрүү диагностикасы КР экономикалык илиминде аталган тематикада бир катар илимий изилдөөлөр, анын ичинде жалпы теориялык мүнөздөгү монографиялык иштер, курулуштун инвестициялык багыттуулугунун ар түрдүү теориялык аспекттерин ачууга

аныкталган көлөмдөгү кандидаттык диссертациялар арналгандыгын көрсөттү. Тармактын айрым аспекттерин чагылдырган бир катар илимий макалалар жарыяланган ж.б. Бирок, алар КР курулуш индустриясын инвестициялык өнүктүрүү проблемасынын кеңири спектрин камтыбайт.

Экономикалык илимдин инвестициялык өнүктүрүү маселеси өнүктүрүүдө ар түрдүү мезгилде, негизи эле курулуш индустриясы, атап айтканда, чет элдик анын ичинде, россиялык окумуштуулардын эмгектеринде чагылдырылган. Аларга белгилүү деңгээлде илимий салым кошкондор: М.И. Каменецкий, Н.Ю. Яськова, В.М. Серов, С.И. Абрамов, Б.Е. Большаков, В.В. Бузырев, В.И. Воропаев, П.Г. Грабовый, А.А. Гусаков, А.В. Карасев, И.К. Комаров, О.П. Коробейников, Ю.Б. Монфред, Б.В. Прыкин, Я.А. Рекитар, И.С. Степанов, Т.Н. Цай ж.б. Көптөгөн маселелер инвестициялык-курулуш чөйрөсүн түзүү жана өнүктүрүүнү туруктуу камсыз кылууга байланыштуу болсо дагы, экономикалык илимде дагы, чарбалык практикада дагы аз изилденген жана талаш-тартыштуу маселе бойдон калууда. Бул курулуш тармагында инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык жөнгө салуу маселлерин мындан ары изилдөө зарылдыгын шарттайт жана диссертациялык иш ушуга багытталган.

**Диссертациянын темасы билим берүү жана илимий мекемелер тарабынын жүргүзүлгөн артыкчылыктуу илимий багыттар, ири илимий программалар (долбоорлор), негизги илимий-изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациянын темасы 2013-2017-жылдар мезгилинде Кыргыз Республикасын туруктуу өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясын ишке ашыруу менен байланыштуу. Мындан тышкары, диссертациялык иш «2040-жылга чейин мезгилде Кыргыз Республикасын инновациялык өнүктүрүүнүн стратегиясынын», «2035-жылга чейинки мезгилде Кыргыз Республикасын социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн иннвовациялык модернизациялоо концепциясынын» жана «2017-2025-жылдары Кыргыз Республикасынын курулуш тармагын өнүктүрүүнүн стратегиясынын», ошондой эле, КМКТАУнун «Курулушту башкаруунун финансы-кредиттик механизми» жана «Курулуш тармагын инновациялык өнүктүрүүнүн эсепке алуу-аналитикалык жол-жоболору» кафедралык илимий темаларынын алкагында аткарылды.

**Изилдөөнүн максаты жана милдеттери.** Диссертациялык иштин максаты курулуштун инвестициялык стратегиясын түзүүнүн теория-методологиялык мамилесин иштеп чыгуу, рынок мамилесинин шартында финансылык жөнгө салуу жана натыйжалуулукту жогорулатуу боюнча комплекстүү практикалык сунуштарды иштеп чыгууда турат.

Изилдөөнүн тиешелүү логикасына жана түзүлүшүнө карай коюлган максатты ишке ашыруу төмөнкү милдетерди чечүүнү талап кылат:

- курулуштун инвестициялык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн теория-методологиялык аспекттин жана курулуш индустриясынын инвестициялык стратегиясын түзүүнүн өзгөчөлүгүн изилдөө;

- инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык жөнгө салуунун методдорун жана инвестициялык курулуштун долбоор жана программаларын башкаруунун дүйнөлүк позитивдүү тажрыйбасын изилдөө;

- ЕАЭБ шартында курулуш ишмердүүлүгүн финансы-инвестициялык өнүктүрүүнү анын потенциалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн баалоо;

- ЕАЭБ шартында курулуш индустриясынын инвестициялык стратегиясынын максатын жана алардын өзгөчөлүгүн түзүү жана тандоонун принциптерин айкындоо;

- курулуш инвестициялык стратегиясын түзүү жана ишке ашырууну методикалык камсыз кылууну иштеп чыгуу;

- курулуш инвестициялык стратегиясын финансылык камсыз кылуунун модели жана прогнозу;

- курулуш инвестициялык ишмердүүлүгүн финансылык камсыз кылуу моделин өнүктүрүү боюнча методикалык инстрменттерди аныктоо жана иштеп чыгуу;

- финансылк контролду өнүктүрүүнүн концепциясын негиздөө, КР курулуш инвестициялык стратегиясын ишке ашыруунун милдеттүү аудиттин максаттуулугун көрсөтүү;

- Курулуш инвестициялык стратегиясын ишке ашыруунун өзгөчөлүгүн жана салыкты жөнгө салуу механизмин ачып көрсөтүү.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы** ЕАЭБ шартында инвестициялык активдүүлүктү жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү комплекстүү өнүктүрүү, жогорулатууну шарттаган КР курулуш тармагында инвестициялык стратегияны финансылык жөнгө салууну илимий-методологиялык камсыз кылуунун теориялык, методологиялык жана прикладдык маселелеринин кошундусун көрсөткөн илимий проблемаларды көрсөтүү жана чечүү – жалпы системаны иштеп чыгуу менен жыйынтыкталат.

Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгын аныктаган негизги натыйжаларга төмөнкүлөр кирет:

- курулуш ишмердүүлүгүнүн спецификалык финансы-экономикалык өзгөчөлүгүн түрүн камтыган, анны ишке ашыруунун инструменти катары инвестициянын жалпы теориясынын, курулуш тармагынын инвестициялык стратегиясынын методологиясынын алкагында максаттулугу бөлүнүп көрсөтүлдү жана «инвестиция», «инвестициялык ишмердүүлүк», «инвестициялык стратегия» түшүнүктөрү интерпретацияланды.

- инвестициялык стратегияны жөнгө салуу методдору, инвестициялык-курулуш долбоорлорун жана программаларын башкаруунун дүйнөлүк позитивдүү тажрыйбасын ишке ашыруу механизмдери жалпыланды;

- ресурстук жана финансы-инвестициялык потенциалдык диагностикалоо жана баалоонун негизинде курулуш ишмердүүлүгүн өнүктүрүү вектору аныкталды;

- ЕАЭБ шартында тармакты өнүктүрүү векторунун негизинде КР курулуш индустриясынын инвестициялык стратегиясынын максаттарын тандоону илимий камсыз кылуу тастыкталды;

- КР курулуш инвестициялык стратегиясын финансылык анализ кылууну прогноздоо модели аныкталды;

- синдицирленген инвестициялык кердит берүүнү пайдалануу менен инвестициялык стратегияны финансылык камсыз кылуунун модели аныкталды;

- системалуу финасылык бузуулурды токтотуу, инвестициялык климатты жакшыртуу, ошондой эле, КР финансы-экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу максатында инвесторлор үчүн айкындуулукту жана корутундулардын жеткиликтүүлүгүн камсыздоо максатында курулуш индустриясына милдеттүү аудит жөнүндө мыйзам долбоорун киргизүү жолу менен курулушту финансылык контролдоо ролу айкындалды;

- курулуш индустриясында инвестициялык стратегияны ишке ашыруунун салык инструментин колдонуу илимий жактан аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Диссертациялык иштин корутундусу жана сунуштары өндүрүштүк жана окутуучулук ишмердүүлүктү киргизүү менен тастыкталат жана мүмкүндүк берет:

- КР курулуш тармагынын алдында турган бир катар милдеттерди чечүүдө диссертациянын негизги теория-методологиялык жоболору жана уюштуруу-методикалык иштелмелерди колдонуу;

- курулуш чөйрөсүндө инвестициялык ишмердүүлүктү пландоо жана прогноздоонун инвестициялык стратегиясын түзүү методологиясын колдонуу мүмкүнчүлүгү;

- курулуш инвестициялык саясатын иштеп чыгууда колдонуу;

- «Финансы жана кредит», «Инвестициялык-курулуш чөйрөсүнө финасылык аналитика» (ИКЧФА) адистиги боюнча даярдоодо окуу процессинде жана «Финансылык менеджмент», «Инвестициялык менеджмент», «Курулуштун инветициялык стратегиясы» окуу дисциплиналарын методикалык камсыз кылууда колдонуу.

**Алынган натыйжалардын экономикалык баалуулугу** илимий тастыкталган сунуштар КР курулуш индустриясын өнүктүрүүгө жардамын тийгизиши мүмкүн, акыркы жыйынтыгында КР социалдык-экономикалык өнүгүүсүн жогорулатуу, атап атйтканда, калктын жашоо сапаты айтылат.

**Коргоого коюлуучу негизги жоболор:**

- инвестициялык изилдөөгө байланыштуу илимий пикирлерди өнүктүрүү системалаштырылды жана методологиялык мамиленин негизинде башкаруунун концепциясы – стратегиялык башкаруунун инвестициялык стратегиясын иштеп чыгуунун зарылдыгы аныкталды;

- инвестициялык ишмердүүлүктү жөнгө салуу багыты жана методун изилдөө тереңдетилди жана курулуш инвестициялык стратегиясын финансылык жөнгө салуунун концептуалдык негиздеринин системасын иштеп чыгуу үчүн инвестициялык-курулуш долбоорун жана программасын башкаруунун дүйнөлүк позитивдүү тажрыйбасы жалпыланды;

- ЕАЭБ шартында КР курулуш индустриясынын абалын жана атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн, ошондой эле, өнүгүү векторун аныктоо менен тармактын инвестициялык жагымдуулугун аныктоо үчүн инвестициялык

ишмердүүлүктү жана курулуштун ресурстук потенциалын финансылык камсыз кылууга диагностика жүргүзүлдү;

- курулуш индустриясында инвестициялык стратегиялардын максаттарын иштеп чыгуу жана тандоонун принциптери жана алардын ЕАЭБ шартындагы өзгөчөлүгү илимий аныкталды;

- КР инвестициялык стратегиясын түзүү жана ишке ашыруу боюнча курулуш чөйрөсүн түзүү өзгөчөлүгүн эске алуу менен инвестициялык стратегиянын принциптерин жалпылоонун негизинде алгоритм жана методикалык сунуштар иштелип чыкты;

- инвестициялык ишмердүүлүктү каржылоо булактарын варианттуу чечүү үчүн курулуштун инвестициялык стратегиясын финансылык камсыз кылуунун модели иштелип чыкты;

- курулушта инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык камсыз кылуунун автордук моделин методикалык интрументинде өнүктүрүү менен курулушта инвестициялык стратегияны финансылык жөнгө салуунун концептуалдуу артыкчылыктары аныкталды жана тастыкталды;

- КР финансы-экономикалык коопсуздугун камсыз кылуу үчүн финансылык тобокел жана алдамчылыктын алдын алуу, тармакта коррупцияны төмөндөтүү жана инвестициялык климаты жакшыртуу максатында курулушта финансылык контролду өнүктүрүү, милдеттүү аудиттин максаттуулугу концепциясы аныкталды;

- курулушта инвестициялык стратегияны ишке ашыруунун салыктык жөнгө салуу механизми илимий тастыкталды.

**Изденүүчүнүн жеке салымы**. Изилдөөнүн натыйжалары сунуш түрүндө КР Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак-жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттигине (мындан ары – КР Мам курулуш) курулуш уюмунун бирдиктүү мамлекеттик маалыматтар базасын түзүү боюнча киргизилди. Инвестициялык стратегияны финансылык жөнгө салуунун концептуалдуу негиздери боюнча сунуштар курулушта финансылык контролдун ролун жогорулатуу жана милдеттүү аудитти киргизүү бөлүгү КР Өкмөтүнө караштуу Финансы рыногун жөнгө салуу жана көзөмөлдөө мамлекеттик кызматы (мындан ары – КР Мамфинкөзөмөл) тарабынан колдонулушу мүмкүн. Диссертациялык изилдөөнүн айрым илимий жоболору Н.Исанов атындагы КМКТАУнун «Финансы жана кредит» жана «Инвестициялык-курулуш чөйрөсүнө финансылык аналитика» (ИКЧФА) программасында окутуу процессинде колдонулат.

**Диссертациянын апробацияланышы.** Диссертациялык ишти апробациялоо автордун баяндамаларын төмөнкү эл аралык жана улуттук илимий-практикалык конференцияларды талкуулоо менен өткөрүлдү: «Возникновение бухгалтерского учета, анализа и аудита в Кыргызской Республике и пути его становления» (Бишкек ш., Б.Ельцин атын КРСУ, 2012-ж.); «Современные тенденции совершенствования организации учетно-аналитической деятельности на предприятии» (Бишкек ш., Б.Ельцин атын. КРСУ, 2012-ж.); «Инновации в области строительства и образования: становление, проблемы, перспективы». (Бишкек ш., Н.Исанов атын. КМКТАУ,

2012-ж.); «Модернизация секторов экономики и системы профессионального образования в Кыргызской Республике в условиях глобализации» (Бишкек ш., М.Рыскулбеков атын КЭУ, 2012-ж.); «Проблемы современной экономики: глобальный, национальный и региональный контекст», КР эмгек сиңирген экономисти, экономика илимдеринин доктору, профессор А.А.Саякбаеванын 60 жылдыгына арналган (Бишкек ш., Ж.Баласагын атын. КУУ, 2012-ж.); «Насирдин Исанов – видный государственный деятель Кыргызской Республики» (Бишкек ш., Н.Исанов атын. КМКТАУ, 2013-ж.); «Проблемы и перспективы экономического развития Кыргызской Республики в современных условиях», э.и.д., профессор А.Сарыбаевдин 65 жылдыгына арналган (Бишкек ш., Ж.Баласагын атын. КУУ, 2013-ж.); «Экономическая наука: вчера, сегодня, завтра», (Бишкек ш., Ж.Баласагын атын. КУУ, 2013-ж.); «Строительное образование и наука Кыргызстана: перспективы интеграции, инновации и партнерства», (Бишкек ш., Н.Исанов атын. КМКТАУ, 2015-ж.); «Великий шелковый путь и евразийское экономическое пространство», (Бишкек ш., Ж.Баласагын атын. КУУ, 2015-ж.); Исраиловские чтения – V «Евразийский экономический союз: проблемы гармонизации систем учета, анализа и аудита», (Чолпон-Ата ш., 2015-ж.); «Актуальные проблемы бухгалтерского учета, анализа и аудита в условиях вступления в ЕАЭС» (Бишкек ш., КРПМБА, 2016-ж.); «Экономическая наука сегодня: теория и практика» (Чебоксары ш., 2016-ж.); Ассоциация Евразийских экономистов «Экономика Евразии» (Бишкек ш. КТУ «Манас», 2017-ж.); «Современные проблемы координации системы учета и аудита в странах Центральной Азии» (Чолпон-Ата ш., 2017-ж.); «Экономика Кыргызской Республики в условиях формирования нового мироустройства», (Бишкек, 2018-ж.); «Совершенствование учета и аудита в условиях становления цифровой экономики», (Бишкек ш., М. Рыскулбеков атын. КЭУ, 2018-ж.), «Итоги науки в теории и практике 2018» (Москва ш., Евразийское научное объединение, 2018-ж.), «Инновационные исследования как локомотив развития современной науки: от теоретических парадигм к практике» (Москва ш., Евразийское научное объединение, 2018-ж.) ж.б.

**Диссертациянын натыйжасынын публикацияларда толук чагылдырылышы.**

Диссертациялык иштин негизги жоболору жана натыйжалары 44 илимий макалада, анын ичинде 22 ИЦРИде индекстелген, алардын 8 РФ жана 14 КР, ошондой эле, жалпы көлөмү 35,0 б.т. тартибинде чагылдырылды.

**Диссертациянын түзүлүшү жана көлөмү.** Диссертациялык иштин түзүлүшү изилдөөнүн максат жана милдеттерине ылайык аныкталып, киришүү, шарттуу белгилердин тизмеси, төрт бөлүм, корутунду жана практикалык сунуштар, 250 аталышты камтыган пайдаланылган адабияттардын тизмеси, 30 сүрөт, 35 аналитикалык таблица, 3 тиркеме жана 290 бет машиналык текстте баяндалды.

## ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу аныкталды, анын изилдөө даражасы, теманын мамлекеттик илимий программалар менен байланышы ачылды, изилдөөнүн максаты жана мидеттер аныкталды, илимий жаңылыгы, иштин практикалык жана экономикалык баалуулугу ачыкталды, диссертанттын жеке салымы жана илизлдөө натыйжаларынын апробациялоо даражасы аныкталды, иштин түзүлүшү жана көлөмү сунушталды.

Биринчи бөлүм **«Курулуш инвестициялык стратегиясын финансылык жөнгө салуунун теория-методологиялык негиздери»** деп аталып курулуш тармагынинвестициялык изилдөөнү өнүктүрүүнүн теориялык аспекттери каралды, курулуш тармагын инвестициялык өнүктүрүүнү түзүүнүн методологиялык аспекттери ачыкталды, курулуш инвестициялык стратегиясын финансылык жөнгө салуу методдорунун мазмуну изилденди.

КР экономикасындагы проблемалардынбири курулуш индустриясында тиешелүү инвестициялык стратегияны иштеп чыгуу жана тандоонун эсебинен атаандаштыкка жөндөмдүүлүктү жогорулатуу зарылдыгы болуп саналат. Аталган проблеманы чеүү үчүн курулуш тармагында инвестициялык стратегияны финансылык жөнгө салуу механизмин куруу зарыл.

Россиянын экономика илиминде инвестиция-крулуш чөйрөсүндө финансылык жөнгө салуу маселесине төмөнкү окумуштуулар илимий эмгектерин арнашкан: Кротова В.Ю., Владимировой Л., Штейна Е.М., Данилова Ю.Я., Яськовой Н. Ю., Кузовлевой И.А., Савиной Н.В., Уварова П. О. ж.б.

Бирок, инвестициялык процесстин эффективдүүлүгүнө анализ жана баа берүү боюнча мыйзам чыгаруу жана уюштуруу-методологиялык базаны андан ары жакшыртуу маселеси чечилбеген бойдон калууда. Демек, инвестиция тартууга таасир берген жана КМШ өлкөлөрүнүн, анын чичнде ЕАЭБ шартында курулуш индустриясын инвестициялык жогорулатуу маанилүү бойдон калып жаткан КРнын эффективдүү тышкы экономикалык ишмердүүлүгүн камсыздап турган факторлорду жалпылоо жана зарыл болгон уюштуруу-экономикалык механизмдерин иштеп чыгуу зарыл.

Экономиканын алсыз өнүгүү шартында курулуш өндүрүшүн инвестициялык өнүгүүсүн жакшыртуу проблемасы өлкөнүн экономикасын өнүктүрүү стратегиясы менен аныкталган узак мөөнөттүү артыкчылыктарга жооп берген КР экономиканын реалдуу секторун эффективдүү финансылык башкаруунун инструменти катары актуалдуу болуп саналат.

КР инвестициялык изилдөөнүн өнүктүрүү тарыхый этаптарын изилдөөгө өзгөчө салым кошкон профссорлор: Т.К. Койчиев, Ш.М. Мусакожоев, П.К. Купуев, А.С. Сарыбаев, А.А. Саякбаева, О.К. Курманбеков, Д.Ч. Бектенова, Т.К. Камчыбеков ж.б. бирок, ата мекендик жана чет элдик илимий адабияттарда "инвестициялык стратегия" түшүнүгүн негиздөөдө теориялык көз караштан алганда бирдиктүү пикир жок. Бул инвестициялык ишмердүүлүк проблемасы боюнча көптөгөн тектеш түшүнүктөр колдонулгандыгын тастыктайт, биздин көз карашыбызда "инвестициялык стратегия" түшүнүгүн конкреттештирүү талап кылынат. Экономиканы интеграциялоонун шартында анын маңызын аныктоодо бул

мезгилде аны түзүү шарттарын эске алуу сунушталат. Жүргүзүлгөн изилдөө инвестициялык ишмердүүлүктүн узак мөөнөттүү максаттарын жана курулуш индустриясын атаандаштыгын жана финансы-экономикалык коопсуздугун уюштурууну камсыз кылуучу эффективдүү жолун тандап алуу жана аларга жетишүүнү түзүү системасы катары инвестициялык стратегияны аныктоого мүмкүндүк берет.

Экономиканы модернизациялоо инвестициядан көз каранды, ал эми инвестициялык ишмердүүлүк – курулуш тармагында тастыкталган инвестициялык стратегияны иштеп чыгуудан, ал эми акыркысы – инвестициялык долбоорлорду баалоо жана анализ кылуудан көз каранды. Келип чыккан бул жоболордон биздин пикирибизде, мамлекеттик инвестициялык саясат жалпы экономиканы, атап айтканда анын курулуш индустриясын модернизациялоо үчүн потенциалдуу инвесторлорго инвестициялык климат түзүүгө негизделиши зарыл.

Ошентип, автордун пикири боюнча бул шарттардын болушу КР курулуш тармагынын жана баалоо критерийлерин эсепке алуу аспектинде – аймактардын инвестициялык жагымдуулугу инветсициялык саясатынын узак мөөнөттүү эффективдүүлүгүн жана оптималдуулугун камсыз кылат.

Атаандаштык чөйрөсүн камсыз кылуу, инновацияны иштеп чыгуу жана жайылтуу, социалык-экономикалык милдеттерди чечүү үчүн, дүйнөнүн бардык өлкөлөрүндө экономикадагы диспропорцияны жана кайра өндүрүүнү токтотууга багытталган курулуш индустриясында мамлекеттик финансылык жөнгө салуу ишке ашырылат.

Мамлекет тарабынан курулуш индустриясын финансылык жөнгө салууда тигил же бул өлкөнүн жөнгө салууда топтолгон тажрыйбасы ж.б. финансылык мүмкүнчүлүктөрдөгү чечилүүчү милдеттердин мазмунуна карай метод жана инструмент системасы колдонулат. Жалпы экономикада, атап айтканда, курулушта финансылык аракеттердин механизмин ийгиликтүү түзүү үчүн аларды жөнгө салуунун түз жана кыйыр методдору колдонулат. (1-сүрөт).




**1.1-сүрөт. Курулуш индустриясын финансылык жөнгө салуу методдору**

Булак: Методологиялык жоболордун негизинде автор тарабынын түзүлдү [Макроэкономика: жогорулатылган деңгээл (Б.Е. Бродский. – М.: Магистр: ИНФРА-М, 2012. – 69-б)

Бир катар авторлор экономикалык жана социалдык процессти финансылык жөнгө салуунун ар түрдүү авпекттерин кароо менен өзүнүн көңүлүн экономиканын айрым секторлоруна муну менен бирге өзгөчө спецификалык методдорду бөлүп көрсөтүү менен топтоштурат.




Финансылык камсыз кылуу менен байланышкан методдор

- мамлекет тарабынан каржыланган түздөн-түз акчалай төлөөлөр
- түз инвестициянын жардамы менен каржылоо
- курулуш жана социалдык мекемелерди бюджеттик каржылоо

Түздөн-түз жөнгө салуу методдору

- салыктык жөнгө салуу
- турак-жай рыногун жөнгө салууну мам. Каржылоо

- финансы рыногун өнүктүрүү аракети, үлүшчүнүн кызыкчылыктарын коргоонун атайын механизмдери

Финансылык түрткү берүү методдору

- жаңы жумушчу орундарын түзүүгө финансылык түрткү берүү
- инновациялык ишмердүүлүккө финансылык түрткү берүү

**1.2-сүрөт. Курулуш тармагын жөнгө салуунун финансылык методдору**

Булак: методологиялык жоболордун негизинде автор тарабынан түзүлдү [Воробьева Е.И. Государственное финансовое регулирование социальных процессов // Илимий жарчы: Финансы, бантари, инвестициялар. – 2014. – №4. – 16–23-б.]

Курулуш тармагын финансылык жөнгө салуунун методдорун диагностикалоонун негизинде автор тарабынан КР социалдык-экономикалык туруктуу өнүктүрүүнү камсыз кылуу максатында финансылык ресурстарды мобилизациялоо жана аларды пайдаланууга багытталган бийлик органдар тарабынан мамлекеттик жөнгө салуу жана түрткү берүүнүн формалары жана методдорунун комплексттерин эффективдүү пайдалануунун эсебинен жетишилген инвестициялык ишмердүүлүктү каржылоо аракеттеринин методдору жана инструменттеринин жыйындысы катары инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык жөнгө салуунун механизмдери сунушталды.


Экинчи бөлүм **«Кыргыз Республикасынын инвестициялык ишмердүүлүгүн жана курулуш потенциялын финансылык камсыз кылууну диагностикалоо»** деп аталып, курулуш тармагын өнүктүрүү тенденциясына, ресурстук потенциалына комплекстүү баа берилди, курулуш тармагынын финансылык жана инвестициялык потенциалынын деңгээли жана динамикасы анализденди, курулуш тармагын инвестициялык өнүктүрүүнү финансылык жөнгө салууну ченемдик-укуктук жана маалыматтык-аналитикалык камсыз кылуу каралды.

Азыркы курулуш комплекси экономиканын маанилүү секторлорунун бири болуп саналат, анда курулуш, кайра конструкциялоо жана имаратты жана курулуштарды, автоунаа жалдорун жана иапшыра турган түзүлүштөрдү оңдоо – акыркы максаттарга жетишүүнүн туруктуу финансылык-экономикалык, уюштуруу жана технологиялык өз ара аракеттенүүсү бири-бири менен байланышкан мамлекеттик уюмдардын жыйындысын көрсөткөн, өлкөнүн өндүрүштүк потенциалынын материалдык базасын жана социалдык чөйрөнү өнүктүрүүнү кайра куруунун бардык структуралык негизги милдеттери чечилет. Аны түзүүнүн эффективдүүлүгүнөн өлкөнүн өнүгүү темпи жалпы улуттук экономиканын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгү көз каранды.

КР экономикасынын интеграциялык процесс мезгилинде курулуш тармагын түзүү ИДП өсөт. Курулуш тармагынын курамы экономикалык ишмердүүлүктүн түрү (ЭИТ) катары жалпы курулуш, курулуш-монтаж, монтаж жана атайын иштердин бардык комплекстеринин жыйындысы жаңы курулуш, капиталдык жана азыркы оңдоо, ошондой эле, кыймылсыз мүлктүн бардык түрлөрүн кайра конструкциялоону ишке ашыруу мүмкүнчүлүгүн шарттайт.

2.1-сүрөттө 2011-жылдан 2017-жылга чейинки курулуш компанияларынын санын өсүү динамикасы (долбоорлук уюмдарды эсепке албаганда). КР катталган курулуш уюмдарынын жалпы саны 2011-2017-жылдар мезгилинде 3295 көбөйгөн же 2017-жылы 8981 түзгөн. 2012-жылы реалдуу иштеген курулуш уюмдарынын саны болгону 1207, ал эми 2013-жылы – 1198, 2014-жылы – 1282, 2015-жылы – 1338, 2016-жылы – 1397, 2017-жылы 1462 болгонун эскертип кетүү керек.

Алардын жалпы санынан факт түрүндө иштеген курулуш компанияларынын аз санда болгондугуна карабастан, 2011-2017-жылдары реалдуу аракеттенген уюмдардын саны 299 компаниядан көбүрөөктү түзүп анча чоң эмес, бирок туруктуу өсүү болгондугун белгилеп кетүү зарыл.




**2.1-сүрөт. БД ЕГРСЕ бардык катталган жана аракеттенген курулуш уюмдарынын жана катталган жеке жактардын жалпы саны**

Булак: КР Улуттук статистикалык комитетинин маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү (мындан ары – КР УСК) [http://www.stat.kg/ru/statistics/stroitelstvo/]

Ошентип, бардык катталган курулуш уюмдарынын, аракеттенген курулуш уюмдарынын жана БД ЕГРСЕ катталган жеке жактардын жалпы санын салыштыруу менен курулуш процессинин негизги үлүшү жеке ишкердикке келет, мисалы, 2011-жылы курулуш менен алектенген катталган жеке жактардын саны юридикалык аракеттенген жактардын 877 жогору болгон. 2011-2017-жылдар үчүн жалпы саны 3634 тартипти түзгөн (2.1-сүр, караңыз).

КР курулуш рыногунда ишмердүүлүктү ишке ашырган аракеттенген курулуш уюмдарынын санын кыскарышы финансылык абалдын начарланышы менен шартталды, анткени, көпчүлүк курулуш уюмдарынын өндүрүштүк кубаттуулугу толук эместиги жана финансылык ресурстардын жетишпестиги рынокто атаандаштыкка каршы күрөштү көтөрө албайт. Мындай абалдын башкы себеби стратегиялык пландоонун дагы, финансылык пландоонун дагы деңгээлини төмөндүгү болуп саналат.

**2.1-таблица – 2001-2017-жылдары ички дүң продукция түзүлүшүндө курулуштун үлүшү (млн сом.)**

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | 2007 | 2009 | 2011 | 2013 | 2015 | 2017 | 2017-ж. 2007-жылга %(эсе) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| ИДП | 141897,7 | 201222,9 | 273107,8 | 350028,4 | 430489,4 | 530475,7 | 3,7 |
| Курулуш | 5 070,4 | 13488,6 | 13317,8 | 22466,5 | 36042,0 | 45 557,4 | 8,9 |
| Курулуштун салыштырма салмагы, ИДП % менен | 3,6 | 6,7 | 4,8 | 6,4 | 8,4 | 8,6 | 2,3 |

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [https://www.stat.kg]

2.1-табицадагы маалыматта көрүнүп тургандай, курулуш тармагы абдан динамикалуу өнүгүүдө. Муну менен бирге курулуш тармагы өлкөнүн ИДП 2,3 эсеге, 2007-жылы 3,6%дан 2017-жылы 8,6% чейин өскөн.

«Курулуш» салыштырма салмагы ВЭД сыяктуу 6-8% улуттук өндүрүштүн жалпы көлөмүнүн салымы анча чоңэмес экендигин күбөлөндүрөт.

**2.2-таблица – Өлкөдө жана анын территориясында жалданма иштердин көлөмү (млн.сом)**

| | 2007 | 2009 | 2011 | 2013 | 2015 | 2017 | 2017-ж. 2007-жылга, % (эсе) |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Кыргыз Республикасы | 11978,2 | 17924,0 | 21577,2 | 36604,3 | 50066,6 | 85 790,0 | 7,2 |
| *Анын ичинде, областтар:* | | | | | | | |
| Баткенс | 355,0 | 351,5 | 374,2 | 449,2 | 765,9 | 647,0 | 1,8 |
| Жалалабат | 837,3 | 3244,9 | 2 759,1 | 2 750,8 | 4 010,8 | 5 244,8 | 6,3 |
| Ысык-Көл | 314,9 | 793,7 | 1 044,1 | 2 346,8 | 3 381,8 | 6 042,5 | 19,2 |
| Нарын | 428,9 | 432,7 | 404,5 | 874,9 | 1 149,9 | 1 085,1 | 2,5 |
| Ош | 195,7 | 252,0 | 401,2 | 1 692,9 | 2 554,4 | 3 614,2 | 18,5 |
| Талас | 67,5 | 158,3 | 271,1 | 397,7 | 637,5 | 781,6 | 11,5 |
| Чүй | 2195,7 | 2675,8 | 3 030,3 | 4 862,9 | 6 344,8 | 9 409,8 | 4,3 |
| ***Бишкек*** | | | | | | | |
| Бишкек | 6933,2 | 8953,6 | 10319,5 | 20760,0 | 27134,8 | 53 483,3 | 7,7 |
| Ош | 650,0 | 1061,5 | 2 973,2 | 2 469,1 | 4 086,7 | 5 481,7 | 8.4 |

Булак: КР УСК маалыматыныннегизинде автор тарабынан түзүлдү [http://www.stat.kg/ru/statistics/stroitelstvo/]

2017-жылы аракеттенген курулуш уюмдары тарабынан аткарылган жалданма иштердин жалпы көлөмү 85,8 млрд сомду, 2007-жылы тескерисинче – 11978,2 түзгөн.

КР территориясын кесүүдө 2017-жылы жалданма иштердин чоң көлөмү Ысык-Көл жана Чүй областтарында аткарылган (6042,5 млн сом жана 9409,8 млн сом) ж.б. Бишкек (53483,3 млн сом.), аткарылган жалданма иштердин жапы көлөмүнөн 18 % жана 62,3 % түздү. 2017-жылы курулуш боюнча азыраак

активдүүлүк Баткен областына (647 млн сом.) аткарылган жалданма иштердин жалпы көлөмүнөн 0,7% көлөмдү түзөт. Иштин чоңураак көлөмү КР жеке менчик формасындагы курулуш уюмдары тарабынан аткарылган (жалданма аткарылган иштердин жалпы санынан 92,4%).

Катталган курулуш уюмдарынын өсүүнүн мындай оң тенденциясы инвестициялык климаты жакшыртуу жана курулуш чөйрөсүнд.ө инвестицияларды тартуу, курулуш чөйрөсүндө кеңири системаны оптимизациялоо максатында КР Мамкурулуш тарабынан көрсөтүлгөн кызматтын мөөнөтүн жана баасын кыскартууну караган «Бирдиктүү терезе» принцибинин киргизилиши менен байланыштуу.

Курулуштун абалын изилдөөнүн маанилүү аспекттеринин бири курулуш уюмдарын азыркы этапта өнүктүрүүнүн финансылык ресурстук булагын жана финансылык көз карандылыгын аныктоого мүмкүндүк берген капиталды анализдөө болуп саналат.

**2.3-таблица – КР курулуш уюмдарынын капиталдарына анализ (млн сом)**


| Аталышы | 2007 | 2009 | 2011 | 2013 | 2015 | 2017 | 2017-ж. 2007-жылга % |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Зайым капиталы | 6559,1 | 13 926,3 | 12757,8 | 20028,7 | 33512,9 | 47822,7 | 7,3 эсе |
| ***Анын ичинде:*** | | | | | | | |
| *Кыска мөөнөттүү капитал* | 5064,2 | 10 623,4 | 8 537,5 | 15322,4 | 27706,6 | 37458,3 | 7,3 эсе |
| *Узак мөөнөттүү зайым капиталы* | 1494,9 | 3 302,9 | 4 220,3 | 4 706,3 | 5806,3 | 10364,5 | 6,9 эсе |
| Өздүк капитал | 3121,3 | 2 780,8 | 2 926,8 | 5 336,6 | 5159,9 | 7333,4 | 2,3 эсе |
| Биргелешкен капитал | 9680,4 | 16 707,1 | 15684,6 | 25365,3 | 38672,8 | 55156,2 | 5,7 эсе |
| Жүггүртүү капиталы | 5018,0 | 11 522,9 | 10325,9 | 17691,5 | 25290,4 | 40300,2 | 8,1 эсе |
| Жүгүртүлбөгөн капитал | 4662,3 | 5 184,2 | 5 358,7 | 7 673,8 | 13382,4 | 14856,0 | 3,2 эсе |

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлдү [https://www.stat.kg]

Курулуш уюмдарын капиталынын түзүлүшүн анализ кылуу капиталдын жыйындысынын көбүрөөк салыштырма салмагы 2017-жылы зайым капиталынын 86,7%, азыраак өздүк капитал – 13,3% ээлегендигин көрсөттү. Өз учурунда капиталдын жыйындысы зайым капиталынын курамында көбүрөөк кпитал үлүшү кыска мөөнөттүү милдеттенмелерге – 73,3%, ал эми азыраак – узак мөөнөттүү милдетенмелерге – 21,7%. Мындай тенденция акыркы он беш жылдан бери байкалууда.

КР курулуш уюмдарынын жүгүртүү капиталы 2017-жылы 73%, жүгүртүлбөгөн капиталы – 27%, жүгүртүлгөн капитал 2017-жылы 40300,2 млн сомду 2007-жылга салыштырганда 8 эсеге көп болгон.

2017-жылы жүгүртүлбөгөн капитал 14856 млн сомду түзгөн жана 2007-жылга салыштырмалуу 3 эсеге жогорулаган.




**2.2-сүрөт. Курулуш уюмдарынын финансылык левередж динамикасы**
Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү [https://www.stat.kg]

2016-2017-жылдары финасылык левередж 4,81 жана 6,52 түзгөн жана бул көрсөткүч 2008-жылдан 2015-жылга чейин төмөндөө тенденциясына ээ болгон курулуш тармагынын ишканаларына көңүл буруу керек. Финансы левереджинин жогорку деңгээли ишкананын милдеттенмелерин колдонууну терс мүнөздөйт жана инвесторлордун агымын чакыра турган түзүү проблемалуулугун көрсөтөт.

**2.4-таблица. Курулуш тармагынын ишканаларынын ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугунун динамикасы**

| **Аталышы** | **2007 -ж., %** | **2009 -ж., %** | **2011 -ж., %** | **2013-ж., %** | **2015-ж., %** | **2017 -ж., %** | **2017-ж. 2007-жылга, %** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ишкананын ишмердүүлүгүнүн рентабелдүүлүгү | 7,2 | 4,1 | 3,3 | 9,3 | -6,7 | 3,8 | -3,4 |
| Сатуу рентабелдүүлүгү | 6,7 | 3,8 | 3,6 | 8,4 | -6,3 | 3,6 | -3,1 |
| Актив рентабелдүүлүгү | 8,26 | 5 | 2,98 | 8,05 | -0,2 | 2,02 | -6,24 |
| Операция ишмердүүлүгүнүн рентабелдүүлүгү | 6,4 | 7 | 5 | 11 | 6,6 | 5 | -1,4 |
| Ишкананын капиталдык рентабелдүүлүгү | 25,61 | 30,31 | 16,43 | 37,91 | -1,27 | 20,03 | -5,58 |

Булак: КР УСК маалыматы боюнча автор тарабынан түзүлдү [https://www.stat.kg]

Экономиканын курулуш секторунун ишканаларынын операциялык ишмердүүлүгү рентабелдүү болгондугун жана 2017-жылы анын деңгээли 5% болгондугун алардын ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн анализдин көрсөткүчтөрү күбөлөндүрүп турат. Ишканалардын финансылык-экономикалык ишмердүүлүгүнүн рентабелдүүлүгү 2007-жылдагы деңгээлге салыштырмалуу эки эсеге төмөндөө менен 3,8% деңгээлди түзгөн. Ишканалардын сальдолонгон финансылык оң жыйынтыгы активдердин кирешелүүлүк деңгээлин – 2,02%, капиталдын кирешелүүлүгүн (рентабелдүүлүгүн) – 20,03% өлчөмдө алууга жол

берген. 2017-жылы курулуш уюмдарынын капиталынын рентабелдүүлүгү 20,03% түзгөн, ал курулуш уюдарынын капиталынын жүгүртүлүшүнүн жана дүң кирешесинин өсүү темпинин тез төмөндөп кетишине байланыштуу 2007-жылдын көрсөткүчүнөн 5,58%га аз болгон.

«Курулуш» ишмердүүлүгүнүн түрү боюнча өнүгүү перспективалары инвестициялык активдүүлүктүн өсүү темпине байланыштуу болот.

Курулуш индустриясындагы инвестициялык ишмердүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрү 2.5-таблицада берилген.

**2.5-таблица. Кыргызстандын курулуш тармагындагы инвестициялык ишмердүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнүн негизги динамикасы (*млн сом*.)**

| | **2007** | **2009** | **2011** | **2013** | **2015** | **2017** | **2017-ж.2007 карата, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Финансылык эмес активдерге инвестициялар | 35746,1 | 56768,1 | 57487,9 | 101174,6 | 165279,7 | 212224,1 | 593,7 |
| Негизги капиталга инвестициялар | 29558,8 | 52211,1 | 52026,2 | 97013,3 | 158732,2 | 202379,7 | 684,7 |
| Негизги каражаттардын капиталдык ремонту | 3932,3 | 2479,2 | 2533,3 | 2342,3 | 4329,4 | 5607,6 | 142,6 |
| Материалдык эмес активдерге инвестициялар | 1521,5 | 1938,0 | 2919,8 | 1747,3 | 2147,8 | 4234,4 | 278,3 |
| Өндүрүлбөгөн материалдык активдерге инвестициялар | 733,5 | 139,8 | 8,6 | 71,7 | 70,3 | 2,4 | 0,3 |
| Чет элдик инвестициялардын келиши | 3158,0 | 4564,8 | 4948,0 | 5487,1 | 5615,4 | 5219,9 | 165,3 |
| Тикелей чет элдик инвестициялар | 436,8 | 660,9 | 849,2 | 964,5 | 1573,3 | 616,8 | 141,2 |
| Портфелдик инвестициялар | 9,7 | 1,5 | 5,5 | 2,5 | 437,8 | 0,8 | 8,2 |
| Башка инвестициялар | 2656,0 | 3640,2 | 4001,1 | 4474,9 | 3557,9 | 4558,2 | 171,6 |
| Гранттар, | 55,5 | 262,2 | 92,2 | 42,5 | 46,4 | 44,1 | 79,5 |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| техникалык жардамдар | | | | | | | |

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү. [https://www.stat.kg]

2007-жылдан 2017-жылга чейинки инвестициялык ишмердүүлүктүн негизги көрсөткүчтөрүнө анализ жүргүзүүдө, аталган көрсөткүчтөр акыркы жылдары өсүү тенденциясына ээ болгондугу аныкталды, бул КР аймагында экономикалык рыноктун инфляциясы же кеңейиши менен түшүндүрүлөт.

2017-жылы финансылык эмес активдерге болгон инвестициянын көлөмү 212,2 млрд сомду түзгөн, бул 2007-жылга караганда 5,9 эсеге көп.

Өткөн жылдар үчүн финансылык эмес активдердин структурасындагы өзгөчө салыштырма салмакка (82%дан 97%га чейин) негизги каптиталга жумшалган инвестициялар ээ болгон. 2017-жылы негизги капиталга жумшалган инвестициялардын көлөмү 202,4 млрд сомду түзгөн (машина, жабдуу, транспорт каражаттары ж. б. түрүндөгү жаңы негизги фонддорду сатып алууга кеткен каражаттарды эсепке алганда), ал 2007-жылга караганда 6 эсеге көп болгон.

Он жылдын ичинде чет элдик инвестициялар негизинен даярдоочу жана иштетүүчү өндүрүштөрдү, электрэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоочу (жабдуучу), транспорт жана билим берүү объекттерин курууга багытталган.

2017-жылы иштетилген инвестициялардын негизги үлүшү пайдалуу кендерди казуу (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 17,9%), электрэнергия, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) (17,0%), транспорт ишмердүүлүгүнүн (12,6%), иштетүүчү өндүрүштүн (5,6%) объекттерин курууга, ошондой эле турак-жай курулушуна (26,6%) багытталган.

**2.6-таблица. Финансылоо булактары боюнча финансылык эмес активдерге жумшалган инвестициялар** (*млн сом.*)


| | **2007** | **2009** | **2011** | **2013** | **2015** | **2017** | **2017-ж. 2007 карата, % менен** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | **35746,1** | **56768,1** | **57487,9** | **101174,6** | **165279,7** | **212224,1** | 5,9 эсе |
| **Ички инвестициялар** | 27975,8 | 37081,5 | 40913,0 | 64708,3 | 109853,3 | 110446,9 | 3,9 эсе |
| Анын ичинде төмөнкүлөрдүн эсебинен: | | | | | | | |
| республикалык бюджеттин | 3034,0 | 6421,7 | 5848,4 | 3769,5 | 7521,4 | 14229,3 | 4,7 эсе |
| жергиликтүү бюджеттин | 709,8 | 1546,3 | 1022,7 | 1538,6 | 2269,4 | 2835,7 | 3,9 эсе |
| ишканалардын жана уюмдардын каражаттарынын | 17471,5 | 12259,6 | 21709,3 | 39905,4 | 68664,5 | 52733,1 | 3 эсе |
| банк кредиттеринин | - | 3622,1 | 341,8 | 763,9 | 1337,3 | 3129,5 | - |

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| калктын жана КРнын резиденттеринин кайрымдуулук жардамдарынын | 6760,5 | 13231,8 | 11990,8 | 18730,9 | 30060,7 | 37519,3 | 5,5 эсе |
| **Тышкы инвестициялар** | **7770,3** | **19686,6** | **16574,9** | **36466,3** | **55426,4** | **101777,2** | 13,1 эсе |
| ***...анын ичинде төмөнкүлөрдүн эсебинен:*** | | | | | | | |
| чет элдик кредиттердин | 4090,9 | 12717,8 | 9052,1 | 16911,6 | 34582,8 | 73970,9 | 18,1 эсе |
| тикелей чет элдик инвестициянын | 2134,0 | 4781,6 | 4108,7 | 16464,6 | 16478,9 | 20092,1 | 9,4 эсе |
| Чет элдик гранттардын жана гуманитардык жардамдардын | 1545,4 | 2187,2 | 3414,1 | 3090,1 | 4364,7 | 7714,2 | 4,9 эсе |

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү. [http://www.stat.kg/ru/statistics/stroitelstvo/]

Анализ жүргүзүлгөн мезгил боюнча финансылык эмес активдерге жумшалган инвестициянын көлөмү өсүү тенденциясына ээ болгон. 2007-2017–жылдар үчүн финансылык эмес активдерге жумшалган инвестициянын негизги көлөмү финансынын ички булактарынын эсебинен каржыланган (инвестициянын жалпы көлөмүнүн 52%). Ошону менен бирге, ички инвестициянын структурасындагы өзгөчө салыштырма салмакты ишканалардын жана уюмдардын, ошондой эле калктын каражаттары ээлеген (2017-жылы – 81,7%, 2007-жылы – 86,6%).

Анализ жүргүзүлгөн мезгилде ички инвестициянын структурасындагы негизги көлөмдөр чет элдик кредиттердин жана тикелей чет элдик инвестициянын эсебинен иштетилген (2017-жылы – 92,4%, 2016-жылы – 85,3%, 2007-жылы – 80,1%).




**2.3-сүрөт. Менчик формалары боюнча негизги капиталга жумшалган инвестициялардын салыштырма салмагынын динамикасы,** *%*

Булак: КР УСК маалыматынын негизинде автор тарабынан түзүлдү. [http://www.stat.kg/ru/statistics/stroitelstvo/]

2007-2017 – жылдар үчүн негизги фонддор анын жалпы көлөмүнөн 15,4%дан 85,7%га чейин негизинен жеке менчик ишканалар тарабынан ишке киргизилген. Ошону менен бирге 2017-жылы алардын жалпы көлөмү 202,3 млрд сомду түзгөн (2016-ж. 155,9 млрд сом).

Анализ жүргүзүлгөн мезгил үчүн салым түрлөрү боюнча негизги капиталга жумшалган инвестициянын структурасында негизги үлүштү (77-81%) адам турак-жай болуп саналбаган имараттарды жана курулмаларды курууга ошондой эле машиналарды, жабдууларды жана инвентарларды сатып алууга жана орнотууга багытталган инвестициялар түзгөн, бул жерде машиналарды, жабдууларды жана шаймандарды сатып алууга жана орнотууга багытталган инвестициянын үлүшү 2016-жылга салыштырмалуу 2017-жылы 11,1% өскөн, ошол эле учурда турак жай имараттарын, ошондой эле турак –жай болуп саналбаган имараттарды жана курулмаларды курууга инвестициянын үлүшү кыскарган.

Ошентип, курулуш индустриясынын финансылык-инвестициялык потенциалынын диагностикасы тармакка мүнөздүү болгон төмөнкүдөй проблемаларды ачыктоого мүмкүндүк берген:

- буюртмачылардын акы төлөөгө жөндөмсүздүгү жана иш аткарууга буюртмалардын жетишсиздиги, анын кесепетинен курулуш ишканалары төмөн финансылык туруксуздука кептелет, бул акы төлөөлөрдүн бир кыйла кармалышына жана өтүмдүүлүктүн төмөндөшүнө алып келет.

- материалдардын, конструкциялардын жана буюмдардын кымбаттыгы, жана анын айынан финансылык натыйжалардын начарлашы;

- негизги фонддордун жана курулуш техникаларынын өтө эле эскирүүсү да жогорку тенденцияга ээ жана анын натыйжасында тармакты өнүктүрүүгө финассылык каражаттардын жетишсиздигине алып келет.

**«Курулуш индустриясынын инвестициялык стратегиясын түзүү жана ишке ашыруу методологиясы»** аттуу үчүнчү бөлүмдө курулуш тармагынын инвестициялык ишмердүүлүгүн өнүктүрүүнүн комплекстүү анализинин негизинде инвестициялык стратегиялардын максаттары аныкталган, инвестициялык стратегияны түзүүнү жана ишке ашырууну методикалык камсыздоо иштелип чыккан жана Кыргыз Республикасынын курулуш тармагынын инвестициялык стратегияларын финансылоо булактарына прогноз жасалган.

Инвестициялык стратегияларды түзүү курулуш уюмдарынын инвестициялык активдүүлүгүнүн учурдагы, стратегиялык жана оперативдүү башкаруусунун ортосундагы өз ара байланышты камсыздоого жол берет, алардын атаандаштыкка туруктуулугун жогорулатат жана ЕАЭБ иштеп жаткан шарттарда стратегиялык инвестициялык милдеттерди чечүү үчүн курулуш уюмдарынын инвестициялык активдүүлүгүнө карай багытты белгилейт.

Тигил же башка максат жана милдеттердин актуалдуулугуна жараша тармакты социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн белгилүү бир стадиясында инвестициялык ишмердүүлүктүн артыкчылыктары тандалып алынышы жана ага ылайык инвестициялык стратегия түзүлүшү мүмкүн.




**3.1-сүрөт. Инвестициялык стратегиялардын максаттарын жана иштетилүүсүн тандоо системасы**

Булак: автор тарабынан түзүлдү

Инвестициялык стратегия кандайдыр-бир туруктуу нерсе эмес экенин белгилеп кетүү керек. Ал өзгөрүлмө тышкы чөйрөгө жараша мезгил-мезгили менен кайра кароону талап кылат. Ушуга байланыштууинвестициялык стратегияны иштеп чыгууда жана тандоодо стратегиялык анализ өзгөчө роль ойнойт.

Курулуш тармагынын уюмунун инвестициялык стратегиясын даярдоо жана тандоо бул стратегияны ишке ашырууга катышкан аткаруучулардын жогорку даярдыгын талап кылган өтө эле татаал процесс болуп саналат.

Баарынан мурда, инвестициялык стратегияны түзүү жана тандоо инвестициялык ишмердүүлүктү ишке ашыруунун өзүнчө шарттарын жана инвестициялык рыноктун конъюктурасын моделдештирүүгө негизделет. Даярдык этабы кезметтешкен ишмердүүлүктү, ошондой эле аналитикалык жана эксперттик ишти камтыйт.

Курулуш уюмунун инвестициялык өнүгүү стратегиясын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу алгоритми 3.2 -сүрөттө берилген.




**3.2-сүрөт. Инвестициялык стратегияны иштеп чыгуу жана ишке ашыруу алгоритми**

Булак: автор тарабынан түзүлдү

Жаркын келечекте курулуш индустриясын өнүктүрүүнү жеке адамдардын жана юридикалык жактардын курулуш уюмдары тууралуу маалыматтарды алуу мүмкүндүгүн камсыздаган маалымат технологияларсыз жана санарипсиз

элестетүүгө мүмкүн эмес. Бул Кыргыз Республикасынын атандаштыкка туруктуулугунун өсүшүнө стимул берет жана коррупциялык тобокелдиктерди минималдаштырат.

Курулушта IT-технологияларды пайдалануу процесстерди стандартташтырууга, аларды унификациялоого, рынок катышуучуларынын чыгымдарын азайтууга, курулуш чөйрөсүндө маалыматтарды чогултуу жана автоматташтыруу бөлүгүндө процесстерди оптималдаштырууну жана алардын ишмердүүлүгүн жакшыртуучу бир катар бүтүн системаларды бириктирген бирдиктүү маалымат мейкиндигин түзгөн тармактагы калыптанган социалдык-коомдук мамилелерди жөнгө салууга мелженген.

Инвестициялык стратегияны тандоо жана ишке ашыруу үчүн маалыматтык камсыздоо – инвестициялык саясатты иштеп чыгуу жана курулуш комплексинин өнүгүү стратегиясын ишке ашыруу максатында аны пландоо жана анализдөө үчүн талап кылган курулуш уюмдарынын инвестициялык ишмердүүлүгү боюнча маалыматтарды туруктуу тандоо процессин болжойт. Инвестициялык-курулуш чөйрөсү боюнча маалыматтарды түзүү, системалаштыруу жана пайдалануу инвестициялык ишмердүүлүктүн иши өзүнүн стратегиялык максаттары менен натыйжалуу көрсөткүчтөрүнө жетүүгө багытталган анын маалыматтык башкаруу системасын калыптандырууга жол берет.

Инвестициялык-курулуш чөйрөсүндө башкаруу жана административдик чечимдерди кабыл алуу процессин жана инвестициялык стратегияны ишке ашырууга маалымат системасын түзүү ар кандай булактардан тийиштүү маалыматтар менен өз убагында камсыздоо үчүн зарыл.

Биздин көз караш боюнча мындай автоматташтырылган маалымат системалардын бири болуп курулуш уюмдарынын, анын ичинде алардын инвестициялык ишмердүүлүктөрүн маалыматтык-аналитикалык жана уюштуруучулук жактан колдоого алынышын камсыздоо үчүн КР курулуш уюмдары боюнча Бирдиктүү маалымат базасын түзүү саналат.

Экономиканы, атап айтканда – курулушту санариптештирүү боюнча чаралар эл аралык рынокко чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт, бул курулуш индустриясына тикелей инвестицияларды тартууга түрткү берет. Курулуш компаниялары тарабынан маалыматтык системаларды пайдалануу алардын атаандаштыкка туруктуулугун жогорулатат.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында негизги капиталга жумшалган инвестициянын көлөмү ИДП менен өтө тыгыз байланышта экени жана анын көлөмүнүн өзгөрүшүнө түздөн-түз таасир берери аныкталды.

Ошого байланыштуу, биз тараптан негизги капиталдын өсүшүнө таасир берген факторлордун негизинде ага жумшалган инвестицияларды прогноздоонун маанилүү экономикалык модели иштелип чыкты.

Келечекте курулуш уюмдарынын ишмердүүлүгү жана алардын санарип формасына өтүүсү жөнүндө так маалыматтарды алуусуна жараша акырындык менен бул системанын базасында курулуш уюмдарынын рейтингдик баалоо жүргүзүлөт.

Алынган маалыматтардын негизинде курулуш тармагынын инвестициялык стратегиясын ишке ашырууну финансылык камсыздалышынын булактарын моделдештирүүгө жана прогноздоого болот.

Курулуш тармагында инвестициялык стратегияны түзүү жана ишке ашыруу ИДПнын өсүү темпи менен камсыздалган жашоо деңгээлининжогорулашына жетүүнү камсыз кылат.

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында биз тараптан ИДПнын ($R_{xy}$ = 0.99) негизги капиталына жумшалган инвестициянын көлөмүнүн өз ара өтө тыгыз байланышы аныкталды жана негизги капиталга жумшалган инвестицияга жараша ИДПнын көлөмүн прогноздоонун базалык модели иштелип чыкты:

$$\tilde{Y}_{\text{идп}} = 80505{,}17 + 3{,}05_I$$

Демек, ИДПнын деңгээлин прогноздоо үчүн негизги капиталга жумшалган инвестициянын деңгээлин алдын ала прогноздоо зарыл.Негизги капиталга жумшалган инвестицияны моделдештирүү жана прогноздоо методикасы төмөнкү этаптарды өзүнө камтыйт:

I этап. Негизги капиталга жумшалган инвестицияны өсүшүнө таасир берген факторлорду ачыктоо. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыгында биз тараптан негизги капиталга жумшалган инвестиция менен өзгөчө тыгыз байланышта болгон төмөнкү негизги факторлор аныкталды: өз күчү менен аткарылган келишимдик жумуштардын көлөмү (КЖК): $R_{xy}$ = 0,967; негизги фонддорду ишке киргизүү (НФИК): $R_{xy}$ = 0,781; киши башына карата дүң жыйымдар (КБДЖ): Rxy = 0,990.

II этап. Аныкталган факторлордун негизинде негизги капиталга жумшалган инвестицияны прогноздоонун экономикалык моделин иштеп чыгуу:

$$I_{\text{ЭМФ}} = -4614.65 + 0.40V_{\text{КЖК}} + 0.05V_{\text{НФИК}} + 4.49V_{\text{КБДЖ}}$$

III этап.Негизги капиталга жумшалган инвестициянын статистикалык маанилүү булактарын ачыктоо. Экономикалык анализдин жыйынтыгында негизги капиталга жумшалган инвестициянын статистикалык маанилүүсү болуп (Ж.Ич.): $R_{xy}$ = 0,995 жана тышкы (ТШ): $R_{xy}$ = 0,963булактар эсептелери аныкталды.

IV этап. Финансы булактары боюнча негизги капиталга жумшалган инвестицияны прогноздоонун экономикалык моделин иштеп чыгуу:

$$I_{\text{ЭМИФ}} = 5729.08 + 0.858V_{\text{Ж.Ич.}} + 0.595V_{\text{ТШ}}$$

Иштелип чыккан моделдер негизги капиталга жумшалган инвестициянын шаймандары болуп саналат.


**3.1 – таблица. Негизги капиталга жумшалган инвестициянын прогнозу**

| **Жылдар** | **Аныкталган факторлордун негизиндеги негизги капиталга жумшалган инвестициянын прогнозу ($I_{\text{ЭМФ}}$),** млн сом. | **Финансы булактары боюнча негизги капиталга жумшалган инвестициянын прогнозу ($I_{\text{ЭМИФ}}$),** млн сом. |
|---|---|---|

| | | |
|---|---|---|
| 2018 | 150825,9 | 150825,9 |
| 2019 | 159452,2 | 160124,5667 |
| 2020 | 169558,0 | 170404,8602 |
| 2021 | 180359,3 | 181378,4046 |
| 2022 | 191909,9 | 193092,4092 |
| 2023 | 204268,3 | 205597,3217 |
| 2024 | 217497,8 | 218947,052 |
| 2025 | 231667,3 | 233199,211 |
| 2026 | 246851,7 | 248415,3663 |
| 2027 | 263132,3 | 264661,3147 |
| 2028 | 280597,7 | 282007,3749 |

Булак: автор тарабынан эсептелди

Негизги капиталга жумшалган инвестицияны прогноздоонун жыйынтыгында алынган маалыматта негизги капиталга жумшалган инвестицияны прогноздук көлөмү финансы булактары боюнча аныкталган факторлордун негизинде прогноздолгон негизги капиталга жумшалган инвестициянын деңгээлине жеткендиги көрүнүп турат.




**3.3-сүрөт.Негизги капиталга жумшалган инвестициянын прогнозу**

Булак: автордун эсептөөсү.

Негизги капиталга жумшалган инвестицияны прогноздоодон алынган жыйынтыктар иштелип чыккан негизги капиталга жумшалган инвестицияны моделдөө жана прогноздоо методикасынын анык экендигин көрсөтүп турат.

Иштелип чыккан негизги капиталга жумшалган инвестицияны моделдөө жана прогноздоо методикасынын анык экендигин текшерүү үчүн биз тараптан базалык моделдин негизинде жүзөгө ашырылган ИДПнын прогноздолгон салыштырма анализи жүргүзүлдү.

3.2-таблицада жана 3.4-сүрөттө төмөнкүлөрдүн негизинде эсептелген ИДПнын прогноздук деңгээлдери берилди:

- ИДПнын ар жылы 5% өсүшү ($\tilde{Y}_{\text{ВВП}} = 557113{,}3_{2018} * 105\%$);

- инвестициянын ар жылдык 5% өсүшүндө ИДПнын прогонозу ($\tilde{Y}_{\text{ВВП}} = 80505{,}17_{2018} + 3{,}05 * (150825{,}9_{2018} * 105\%)$;

- аныкталган факторлорго жараша негизги капиталга жумшалган инвестицияны прогноздоонун негизинде ИДПнын прогнозу:

($\tilde{Y}_{\text{ИДП}} = 80505{,}17_{2018} + 3{,}05 * (-4614{,}65 + 0{,}4 * 89055_{\text{КЖ}\widetilde{\text{К}_{2019}}} + 0{,}05 * 36205{,}4_{\text{НФ}\widetilde{\text{ИК}_{2019}}} + 4{,}5 * 28012{,}1_{\text{КБ}\widetilde{\text{ДЖ}_{2019}}})$;


- финансы булактары боюнча негизги капиталга жумшалган инвестицияны прогноздоонун негизинде ИДПнын прогнозу:

($\tilde{Y}_{\text{ИДП}} = 80505{,}17_{2018} + 3{,}05 * (5729{,}08 + 0{,}858 * 149259{,}2_{\text{Ж.}\widetilde{\text{Ич.}_{2019}}} + 0{,}595 * 44323{,}6_{\widetilde{\text{ТШ}_{2019}}})$;

**3.2 – таблица. ИДПнын прогноздолгон деңгээлдери**

| **Жылдар** | **ИДПнын прогнозу, ИДПнын 5% өсүү темпинин негизинде ($\widetilde{\text{ИДП}}_{\text{т.пр}}$), млн. сом** | **ИДПнын прогнозу,негизги капиталга жумшалган инвестициянын 5% өсүү темпинин негизинде($\widetilde{\text{ИДП}}_{\text{I}}$), млн. сом** | **ИДПнын прогнозу, негизги капиталга жумшалган инвестициянын факторлорго көз карандыгынын негизинде ($\widetilde{\text{ИДП}}_{\text{I}_{\text{эмф}}}$), млн. сом** | **Финансы булактары боюнча ИДПнын прогнозу($\widetilde{\text{ИДП}}_{\text{I}_{\text{эмиф}}}$), млн. сом** |
|---|---|---|---|---|
| 2019 | 584969,0 | 563525,1 | 566834,4 | 568885,1 |
| 2020 | 614217,4 | 587676,1 | 597657,0 | 600240,0 |
| 2021 | 644928,3 | 613034,7 | 630601,0 | 633709,3 |
| 2022 | 677174,7 | 639661,1 | 665830,4 | 669437,0 |
| 2023 | 711033,4 | 667618,9 | 703523,5 | 707577,0 |
| 2024 | 746585,1 | 696974,6 | 743873,5 | 748293,7 |
| 2025 | 783914,4 | 727798,1 | 787090,5 | 791762,8 |
| 2026 | 823110,1 | 760162,7 | 833402,8 | 838172,0 |
| 2027 | 864265,6 | 794145,6 | 883058,8 | 887722,2 |
| 2028 | 907478,9 | 829827,6 | 936328,2 | 940627,7 |

Булак: автордун эсептөөсү




**3.4-сүрөт. ИДПнын прогноздолгон деңгээлдери**

Булак: автордун эсептөөсү.

ИДПнын прогноздолгон деңгээлдерине жүргүзүлгөн анализ төмөндөгүдөй тыянак чыгарууга алып келди:

1. Негизги капиталга жумшалган инвестициянынфакторлорду эсепке албастан тең салмакта өсүүсүнүн негизиндеги ИДПнын прогнозу ИДПнын 4% өсүү темпин камсыздайт, бул ИДПнын көрсөтүлгөн өсүү темпинен төмөн көрсөткүчтү берет. 6-сүрөттө көрсөтүлгөндөй берилген прогнозду өзгөчө пессимисттик катары кароого болот. Ошону менен бирге эле, бул ыкма эмненин эсебинен негизги капиталга жумшалган инвестициянын өсүшүнө жетүүгө мүмкүн экендигин түшүндүрбөйт.

2. Негизги капиталга жумшалган инвестицияны моделдөө жана прогноздоо иштелип чыккан методикасынын негизиндеги ИДПнын прогнозу ИДПнын өсүү темпинин болжолдуу бирдей деңгээлдерин прогноздоого жол берет, алар көрсөтүлгөн деңгээлге башында эле жетпей калгандыгына карабастан кийин өтө жогорку өсүү темпине жетүүгө жол берет.

ИДПнын оң динамикасын камсыздоого жумшалган инвестициянын максаты жогоруда көрсөтүлгөн прогноздук эсептөөлөрдүн негизинде иш жүзүнө ашат жана сунушталган методика прогноздук ИДПнын өзгөчө оптимисттик вариантын камсыздайт.


Негизги капиталга жумшалган инвестицияга көз карандыгынын негизинде ИДПны прогноздоо мүмкүндүгүн изилдөө менен алар кайсы булактардын эсебинен алынарын көрсөтүү зарыл.

**3.3 – таблица.Прогноздолгон ИДП жана булактарга жараша негизги капиталга жумшалган инвестициялар**

| **Жылдар** | ***КР курулушундагы булактарга жараша негизги капиталга жумшалган инвестициялардын прогнозу, млн сом.*** | ***Негизги капиталга жумшалган инвестициялардын булактарга көз карандыгынын негизиндеги ИДПнын прогнозу ($\tilde{Y}^{2019}_{I_{эм.ист.инв}}$), млн сом.*** |
|---|---|---|
| 2019 | 160124,5667 | 568885,1 |
| 2020 | 170404,8602 | 600240,0 |
| 2021 | 181378,4046 | 633709,3 |
| 2022 | 193092,4092 | 669437,0 |
| 2023 | 205597,3217 | 707577,0 |
| 2024 | 218947,052 | 748293,7 |
| 2025 | 233199,211 | 791762,8 |
| 2026 | 248415,3663 | 838172,0 |
| 2027 | 264661,3147 | 887722,2 |
| 2028 | 282007,3749 | 940627,7 |

Булак: автордун эсептөөсү

Негизги капиталга жумшалган инвестициялардын фактордук белгилерге көз карандыгынын негизиндеги прогнозго ылайык ИДПнын өсүүсүн камсыздоо үчүн жеке жана тышкы инвестициялардын көлөмүнүн өсүшүн тийиштүүлүгүнө жараша 7% жана 5% камсыз кылуу зарылдыгы иргөө жолу аркылуу ачыкталды.




**3.5-сүрөт. Курулуштагы ИДПнын прогноздолгон деңгээлдеринин динамикасы**

Булак: автордун эсептөөсү

Негизги капиталга жумшалган инвестиция менен өз ара байланышынын жана негизги капиталга жумшалган инвестициянынфактордук белгилерге көз

карандыгынын негизиндеги ИДПнынпрогнозунун ушул автордук модели көрсөтүлгөн өсүү параметрлерин камсыздоо боюнча инвестициялык стратегияны мындан ары иштеп чыгууга жол бererинжыйынтыкты корутундулоо менен белгилеп кетүүгө болот,

**«Курулуш индустриясынын инвестициялык стратегиясын финансылык жөнгө салуунун коцептуалдуу негиздери»** аттуу төртүнчү бөлүмдө курулуштагы инвестициялык стратегияны финансылык жөнгө салуунун концептуалдуу артыкчылыктары аныкталды жана негизделди, курулуштагы инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык камсыздоо моделдерин өнүктүрүү боюнча методикалык инструментарийи иштелип чыкты, финансылык тобокелдикти алдын алуу жана инвестициялык климатты жакшыртуу максатында финансылык контролду өнүктүрүү концепциясы, курулуштагы милдеттүү аудиттин максатка ылайыктуулугу негизделди, ошондой эле курулуш тармагынын инвестициялык активдүүлүгүнө түрткү берүүгө салык инструменттеринин ролу көрсөтүлдү.

Курулуш индустриясы ар түрдүү ички жана тышкы тобокелдикке дуушар болгон фактысы бүтпөй калган курулуштун көлөмүнүн өсүү тенденциясында көрүнүп турат. Өз кезегинде бул инвесторлордун, компаниянын үлүш ээлеринин жана акыры бүтүндөй экономиканын финансылык абалына терс таасир берет. Ошентип, куруучулар үчүн финансылоонун мындай схемасы өтө ыңгайлуу болуп саналат, анткени капитал такыр эле акысыз тартылат. «Бишкек шаарындагы көп батирлүү турак үйлөрүн куруунун (түптөөнүн) үлүштүк тартиби жана шарттары жөнүндө» Бишкек шаардык кеңешинин депутаттарынын токтомунун тиркемесинде 2018-жылы үлүш ээлери тарабынан келишимдин наркынан 30% алгачкы взнос, андан ары курулуштун кийинки этабында 30%, жана курулушту эксплуатацияга берүү учурунан тартып курулуштун үлүштүк объекттисин менчикке берүүгө чейин – 40% төлөө каралган.

Акыркы беш жылдык мезгилде чет элдик инвестициялар негизинен Кыргыз Республикасынын экономикасынын өндүрүүчү жана иштетүүчү тармактарынын объекттерин курууга багытталган. Курулушка чет элдик инвестицияларды тартуу сөссүз түрдө курулуш тармагын гана эмес, бүтүндөй КР экономикасын өнүктүрүүнүн оң тенденциясына алып келет: ИДПнын көлөмүн жогорулатууга, кошумча жумуш орундарын камсыздоого, курулуш тармагынын инновациялык жана технологоиялык потенциалын жогорулатууга түрткү берген, өлкө үчүн стратегиялык мааниге ээ болгон ири масштабдуу долбоорлор ишке ашырылат.

КР УСК комитетинин маалыматына ылайык курулушка берилүүчү банк кредиттери анча көп эмес үлүштү түзөт, 2009-2017 – жылдар үчүн негизги капиталга жумшалган инвестициянынжалпы финансылоо структурасынан орточо эсеп менен алганда 2% түзгөн. Курулушка берилүүчү банк кредиттерин өнүктүрүүнүн проблемасы төмөнкүдөн турат: бул ресурс туруктуу репутацияга жана финансылык туруктуулукка ээ болгон аз сандагы курулуш куруучу-компаниялар үчүн гана жеткиликтүү. Бул чынында банктык эмес, курулуш секторунун проблемасы: алар дал ошол курулуш субъекттеринин

ишмердүүлүгүнүн ачык-айкын эместигининин, ошондой эле укуктук-ченемдик актылардын өркүндөтүлбөгөндүгүнүн, жана жыйынтыгында, аны финансылоодогу тоскоолдуктардын айынан

КР банктарында курулушка кредиттик линиянын шарттарында жана кредиттин башка түрлөрүнө салыштырмалуу жогорку проценттеги (30-35%) «бизнес үчүн» деп аталган кредиттер берилет. Бирок, курулуш кредитине карата жогорку пайыздык ставка банк үчүн «тобокел-киреше» катыштыгында толугу менен өзүн-өзү актоочу болуп эсептелет. Каражаттарды өзүнчө транш менен берүү төмөнкүдөй шартталган, биринчиден, «узак акчалардын» жоктугу; экинчиден, курулуш процессинин контролу, үчүнчүдөн, кредиттик тобокелдин минималдуулугу.

Бир жагынан, курулуш кредитинин рентабелдүүлүгүнө ылайык курулуш компаниялары үчүн алгылыктуу болгон, жана экинчи жагынан, банк үчүн кирешени камсыздаган курулуш кредитинин оптималдуу пайыздык ставкасын аныктоо – бул курулушка кредит берүүдө дайыма жарала турган проблемалардын бири.

Биздин көз караш боюнча, банк кредитинин принциптери рынок конъюнктурасынын шарттарын толук түрдө камсыздоого жол берет: курулуш компаниялары имарат курулушунун ар кандай этаптарында ссудалык капиталды пайдалануу менен курулушту аягына чыгаруу мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Ошол эле учурда, банк кредитинин күрөөлүк камсыздыгы болуп курулуш объекттери, жана ошондой эле бул курулушка тиешелүү болгон башка активдер (мисалы, жер участогу, жабдуулар, техника) саналат. Кредиттин мөөнөтү курулуштун бүтүү деңгээлине жараша өзгөрүшү мүмкүн.

Учурдагы система курулуш тармагын, деги эле бүтүндөй экономиканын жогорку өсүү темпин камсыздоо максатындагы финансы булактарын оптималдаштырууну талап кылган артыкчылыктардын комплексинин жана финансылык булактардын жетишсиздигинин айкалышында иштеп жаткандыгын КР курулушун финансылык камсыздоо булактарына жүргүзүлгөн анализ ачыктады.

Ошентип, курулуш индустриясын финансылоонун маанилүү булактарынынбардык ишиндеги артыкчылыктарга жана кемчилдиктергежүргүзүлгөн баалоо курулуш уюмдарын финансылоонун учурдагы модели эффективдүү эместигин аныктап турат.

Биздин пикир боюнча, ири курулуш объекттерин ишке ашырууга чет элдик банктар тарабынан берилген кредиттик ресурстарга альтернатива катарында синдикаттык жана инвестициялык (долбоордук) кредит берүүнүн банктык бириктирилген механизмин түзүүнү сунуштоого болот. Позитивдүү чет элдик банктардын практикасында синдикаттык кредит берүү көп колдонула баштады. Синдикаттык кредит берүү –айрым өзгөчөлүктөргө ээ болгон банк кредитинин ар түрдүүлүгү: карыз алуучу – бир юридикалык жак, ал эми кредитор катарында синдикаттык кредит берүү үчүн өздөрүнүн каражаттарын бириктирген (б.а. синдикат түзгөн) бир нече банк чыгат.

Банктык синдикаттык кредит берүү инвестициялык кредиттин айкалышында төмөнкүдөй максаттар үчүн берилүүчү кубаттуу инвестициялык капиталга ээ болот:

• иштеп жаткан өндүрүштү жаңылап курууга, модернизациялоого жана техникалык жактан кайра жабдууга капиталдык чыгымдар;

• курулуш сметасына кирбеген техниканы, жабдууну, транспорт каражаттарын сатып алуу;

• илимий-техникалык продукцияны, технологияны түзүүгө, продукциянын жаңы түрлөрүн, интеллектуалдык баалуулуктарды ж.б. түзүүгө жана иштетүүгө чыгымдар.

2009-2017-жылдары инвестиция жана кредит түрүндөгү КР курулушун финансылоонун тышкы булактарынын үлүшү орточо эсеп менен тийиштүү түрдө 11,5 жана 20%ды түзгөндүгүн жүргүзүлгөн анализ көрсөтүп турат. Сөссүз, бул жагдайда чет элдик инвесторлор үчүн Кыргызстанда курулуш тармагынын инвестициялык кызыктуулугу бар экендигин күбөлөндүрүлүп турат. Акыркы беш жылдык мезгилде ири масштабдуу курулуш долбоорлору КР экономикасынын курулуш секторунун негизги капиталына жумшалган чет элдик инвестициянын эсебинен каржыланган: «Датка» көмөк чордонунун, «Датка-Кемин» электр чубалгысынынкурулушу, Бишкек шаарынын ЖЭБин реконструкциясы, мунай иштетүүчү «Чайна Петролеум Компании ЖЧКсы» заводунун курулушу, автомобилдик жолдордун, суу чарба объекттеринин, «Манас эл аралык аэропортунун», «КумторГолд Компании ЖАКнын»объектеринин курулушу жана реконструкциясы, «Борбордук Азия университетинин», «Манас Кыргыз-Түрк университетинин» объектеринин, «Бишкек парк» соода комплексинин ж.б. курулушу.

КР экономикасынын артыкчылыктуу тармактарына жумшалган чет элдик инвестициялар өнүгүүнүн мамлекеттик стратегиялык программалары менен алдын ала аныкталат. 2017-2025 – жылдарга курулуш тармагын өнүктүрүүнүн мамлекеттик стратегиясына ылайык Кыргыз Республикасында курулуш чөйрөсүндө инвестициялык саясатты өркүндөтүү боюнча иш-чаралар чет элдик инвесторлорду тартуу жана эл аралык кызматташтыктын диапазонун кеңейтүү жолу менен ишке ашырылат. Чет элдик инвестициялар негизинен стратегиялык курулуш долбоорлорун ишке ашырууну камсыз кылат, муну курулуш тармагынын ички финансылык потенциалынын эсебинен ишке ашыруу мүмкүн болбой турат.

Экономикага чет элдик кредиттерди көп өлчөмдө ала берүү КР финансылык көз карандысыздыгына терс таасирин тийгизерин белгилеп кетүү керек: чет элдик кредиттерди тартуу карыз жүгүн оорлотот, ал эми инвесторлордун инвестициялык салымы алынган киреше түрүндө кайра кайтарууну талап кылат.

Финансыны жөнгө салуучунун бири тышкы дагы, ички дагы инвесторлор тартуулаган адилеттүү эмес жана эффективдүү эмес колдонуу аныктоону өз убагында камсыз кылууга мүмкүндүк берет, ошондой эле, мамлекеттик инвестиция программасы (МИП) аркылуу экономиканын өсүүсү үчүн мамлекет тарабынан бөлүнгөн каражаттар финансылыкконтрол болуп саналат.

Финансылык контролдун инвестициялык-курулуш чөйрөсүн экономикалык өнүктүрүүнүн азыркы этаптагы өзгөчө ролу ири масштабдуу улуттук инвестициялык долбоорлорду, өзгөчө чет элдик инвесторлордун каражатын пайдалануу менен ишке ашырууда негативдүү ири финансылык жана технологиялык бузу көрүнүштөрүнүн пайда болуу мүмкүндгүн шарттайт. Финансылык контролдун системалык практикасы курулуш тармагынын инвестициялык жагымдуулугун күчөтөт жана тобокелдин төмөндөөсүн шарттайт.

Кыргыз Республикасынын курулуш компанияларында инвестициялык-курулуш ишмердүүлүгүнө жүргүзүлгөн изилдөө экономикалык коопсуздукка жана курулуш тармагынын имиджине олуттуу зыян келтирүүчү бир катар негативдүү көрүнүштөрдү жана мисалдарды ачыктоого мүмкүндүк берди.

Аудит проблемасы ата мекендик адабиятта жетиштүү түрдө кеңири чагылдырылган, чет өлкөлөрдө бул тема өтө актуалдуу, бирок курулуш аудитинин маселелери, долбоордун катышуучуларынын өз ара аракетинин эффективдүүлүгү жеткиликтүү чагылдырылган эмес. Адабият булактарында аудитке, атап айтканда курулуш аудитине тиешелүү иштелип чыккан ар кандай түшүндүрмөлөрдү жалпылоо зарылдыгына байланыштуу, профессор К.Бириммкулова аудиттин ролун финансылык контролдун системасы түзүлгөн мезгилде эффективдүү ишти камсыздаган финансылык контрорлдун шайманы катары белгилейт [Биримкулова К.Д. Проблемы развития финансового контроля и аудита Кыргызской Республики, автореферат, Б-2008 - 18-24 б.]. Бул илимий позицияга негизденүү менен курулуштагы финансылык контролдун системасын өнүктүрүүнүн багыттарын сунуштоого болот.

Ыйгарым укуктуу контролдук органдар тарабынан курулуш компанияларынын ишмердүүлүгүнө кошумча мониторинг жүргүзүү максатында финансылык нормативдерди эсептөө жана колдоо боюнча, атайын отчёт формасы түрүндө эсептөөнүн жыйынтыктарын тынымсыз тариздөө боюнча талаптарды белгилөө. Ыйгарым укуктуу контролдук органдар босоголук маанилерин аныктоо менен финансылык нормиативдердин эсептөөлөрү боюнча методикалык сунуштамаларды иштеп чыгуусу зарыл. Ишканалардын финансылык нормиативдеринин аналитикалык эсептөөлөрүн белгилүү бир формага жалпылаштыруу контролдук органдарга курулуш уюмдарынын ишмердүүлүгүндөгү мүмкүн болуучу финансылык тобокелдиктерин өз учурунда аныктоого жана алдын алууга жол берет.

Курулуш уюмдарынын ишмердүүлүгүн жөнгө салган КР ченемдик актыларында, биринчиден, курулуш уюмдарынын төлөө жөндөмдүүлүгүн жана ишенимдүүлүгүн, финансылык туруктуулугун жогорулатуу максатында жалпы капиталдын көлөмүнөн 30%дан кем эмес деңгээлде жеке капиталдын өлчөмүн колдоо боюнча талаптарды белгилөө зарыл. Кыргыз Республикасындагы көпчүлүк курулуш компанияларынын уюштуруу-укуктук формасы, атап айтканда Жоопкерчилиги чектелген коомдор (ЖЧК), алардын уставдык капиталынын максималдуу жана минималдуу босоголук чектөөлөрү ченемдик-укуктук базада аныкталган эмес. «Чарбалык шериктиктер жана коомдор жөнүндө» КР Мыйзамында (38-берене, 1996-ж.) мындай деп белгиленген:

«Жоопкерчилиги чектелген коомдун катышуучулары уставдык капиталды түзүшөт, анын өлчөмү катышуучулар тарабынан уюштуруу документтеринде аныкталат.» Биздин көз караш боюнча, ЖЧК формасында түзүлгөн курулуш компанияларынын жеке капиталына карата курулуш тармагын жөнгө салуу контекстинде мыйзамдык жөпгөү салуунун өзүнчө чараларын колдонуу зарыл, анткени курулуш тармагынын спецификасы финансылык тобокелге күчөтүлгөн түрдө көз салуу менен коштолгон.
Инвестициялык стратегияны жөнгө салууда контролдук функция жетишсиз ишке ашырылып жаткандыгы, башкача айтканда, курулуш уюмдарында аудит жүргүзүлбөгөндүгү, жана анын натыйжасында курулуш тармагында олуттуу жоготуулар болуп, инвесторлорго ишенимдин төмөндөгөнү изилдөөөлөрдүн негизинде аныкталды. Буга байланыштуу курулушта финансылык контролду активдештирүү боюнча төмөнкүдөй бир катар чаралар сунушталат:

- финансылык коллапска жеткирбөө максатында ири масштабдуу долбоорлор боюнча алынган инвестициялардын максаттуу жана эффективдүү пайдаланылышына тийиштүү органдар тарабынан системдүү финансылык мониторинг жүргүзүү практикасын жолго коюу;
- аудит жүргүзүүнүн максаттары жана милдеттери так аныкталган курулуштагы милдеттүү аудит жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгууну жана ишке киргизүүнү демилгелөө;
- олуттуу финансылык бузууларды алдын алуу жана профилактика жүргүзүү, бухгалтердик эсептин эффективдүү системасын ж.б. уюштуруу максатында курулуш компанияларында ички аудитти жүргүзүү практикасын жолго коюу.

Корпоративдик башкаруу принциптерине (жеткиликтүүлүк, ачыктык) шайкеш келтирүү максатында тышкы колдонуучулар үчүн курулуш компанияларынын (жоопкерчилиги чектелген коомдордун) финансылык отчёттуулугуна жеткиликтүүлүктү камсыз кылуу. Аудиттик корутундунун тиркемеси менен кошо жеткиликтүү жана ачык финансылык отчёттуулук курулуш уюмдарынын инвестициялык кызыктуулугун жогорулатат, ал эми коммерциялык банктарга курулуш уюмдарынын кредит төлөө жөндөмдүүлүгүнө баа берүү жол-жоболорун жөнөкөйлөтөт.

## КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАР

Жүргүзүлгөн изилдөөнүн негизинде төмөнкүдөй тыянактар жана бир катар практикалык сунуштар иштелип чыкты, алардын мааниси төмөнкүлөргө токтолот:

1. КР социалдык-экономикалык учурдагы шарттарында курулуш өндүрүшүнүн инвестициялык өнүгүүсүн жакшыртуу проблемасы реалдуу экономика секторун башкаруунун экономикалык инструменттеринин катарында өзгөчө актуалдуу болуп саналат, ал өлкөнүн экономикасын өнүктүрүүнүн стратегиясы менен аныкталган узак мөөнөттүү артыкчылыктарга жооп берет.

2. Милдеттерди аткаруу капитал болуп саналган өндүрүштүк жана өндүрүштүк эмес негиги фонддорду түзүү жана жаңылоо инструменти катары курулушту инвестициялоонун башкаруу принциптерин жана методдорун өзгөртүү зарылдыгын алдын ала аныктайт.

3. Инвестициялык чөйрөдөгү абалды түп ордунан жакшыртуусуз жана чарба субъектеринин инвестициялык активдүүлүгүн жогорулатуу үчүн жагымдуу шарттарды түзбөстөн экономиканы турукташтыруужана мындан ары өнүктүрүү мүмкүн эмес. Бул процессте негизги роль таразаланган структуралык, финансылык жана акча-кредит саясатын жүргүзүү аркылуу инвестицияны мамлекеттик жөнгө салуу ишине таандык. ЕАЭБнын шарттарына ыңгайлашууга жана практика талап кылгандай атаандаштыкка туруктуулукка жетүүгө багытталган курулуш реформасыаны ишке ашыруунун бир багыты болуп саналат.

4. Инвестициялык стратегия – курулуш индустриясынын уюмдарынын гана эмес, жалпы эле КРнын атаандаштыкка туруктуулугун жана финансылык-экономикалык коопсуздугун камсыздаган инвестициялык ишмердүүлүктүн узак мөөнөттүү максаттарынын системасы жана аларга жетүүнүн өзгөчө эффективдүү жолдорун тандоо.

5. Курулушту финансылык жөнгө салуунун методдорунун диагностикасы инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык жөнгө салуунун жаңы механизмин сунуштоого жол берди, б.а. КРнын туруктуу социалдык-экономикалык өнүгүүсүн камсыздоо максатында финансылык ресурстарды мобилдештирүүгө жана аларды пайдаланууга багытталган мамлекеттик жөнгө салуунун жана түрткү берүүнүн формаларынын жана методдорунун комплексин бийлик органдары тарабынан эффективдүү пайдалануунун эсебинен жетишилген инвестициялык ишмердүүлүктү каржылоого таасир берүү методдорунун жана инструменттеринин жыйындысын.

6. Курулуштун инвестициялык кызыктуулугун жогорулатуу өзгөчө актуалдуулукка ээ болууда, аны чечүү курулуштагы кирешелүүлүк жана туруктуулук деңгээлди камсыздоого жана ресурстук потенциалды өнүктүрүүгө негизделет.

7. Республиканын экономикасынын реалдуу секторунун маанилүү чөйрөсү катарындагы КРда курулуш бизнесинин башаламан жана жөнгө салынбаган проблемасын чечүүнү негизделген өнүгүү векторлорунун жана тармактагы инвестициялык коюлган максаттардын негизинде чечүү сунушталат. Тең салмаксыздык – курулуштагы кризистин себеби, ал курулуш компанияларына суроо-талапты стимулдаштыруу үчүн ири активдерден арылууну, жаңы технологияларды киргизүүнү, штаттарды кыскартууну, өздүк наркты жана бааны арзандатууну талап кылат.

8. Автор тарабынан сунушталган инвестициялык стратегияны түзүү жана ишке ашыруу алгоритми курулуштагы инвестициялык ишмердүүлүктү процесстин стандартташтыруу методикалык инструментарийи менен камсыздайт.

9. Курулуштагы негизги капиталга жумшалган инвестицияны пргноздоонун иштелип чыккан модели берилген факторлорго жараша

инвестициялык стратегиянын параметрлерин аныктоо үчүн методикалык камсыздоо болуп саналган бир катар кезектүү этаптарды камтыйт.

10. Инвестициялык синдикаттык кредит берүүнү пайдалануу менен КР инвестициялык стратегиясын финансылык камсыздоонун автордук моделинин негизинде инвестициялык стратегияны финансылык жөнгө салуунун концептуалдуу негиздери жана инвестициялык активдүүлүктү колдоо механизмдери негизделди.

11. Инвестициялык ишмердүүлүктү жөнгө салууда финансылык контролдун ролунун маанилүүлүгү жогорулагандыгына байланыштуу анын теоретикалык жана методологиялык проблемаларын изилдөө актуалдуу болуп жатат. Курулуштагы контроль жана аудит боюнча ата мекендик жана чет элдик адабияттагы илимий анализдер авторго өкүм сүргөн абалды тереңдетүүгө жана аларды өнүктүрүү үчүн жеке позициясын аныктоого жол берди. Ушуга байланыштуу автор финансы тобокелин алдын алуу жана инвестициялык климатты жакшыртуу максатында, ошондой эле КР финансылык-экономикалык коопсуздугунун максатында курулуш тармагында милдеттүү аудит жүргүзүү жөнүндө мыйзам долбоорун киргизүүнү максатка ылайыктуу деп эсептейт.

12. Курулуш тармагында инвестициялык активдүүлүккө түрткү берүүдө салык инструменттеринин ролу жогору жана ошондуктан диссертацияда негизделген курулуштун экономикалык ишмердүүлүгүнүн субъекттеринин минималдуу уставдук капиталынын критерийлерин жана ченемдерин камсыздаган КР мыйзамдарына толуктоолорду иштеп чыгуу зарылдыгы өзгөчө маанилүү.

Диссертациялык иште курулуш ишмердүүлүгүнө инвестициялык жөнгө салууну жана контролду ишке ашыруучу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан кеңири пайдаланылышы мүмкүн боло турган бир катар практикалык сунуштар берилди:

- бирдиктүү маалыматтык системаны түзүү документ жүргүзүүнүн негиздүүлүгүн, курулуш тармагындагы эффективдүүлүктү жана айкындуулукту жогорулатууну шарттайт жана орундарында мыйзам бузууданкачууга жардам берет. Бул максатта курулуш рыногунун ачыктыгын камсыз кылуу, коммерциялык банктардын инвестициялык ишмердүүлүгүнө катышуучулардын жана башка кызыктар тараптардын жана атаандаштык өткөрүү жол-жоболоруна маалыматтуулугунун деңгээлин жогорулатуу курулуш уюмдарын Бирдиктүү мамлекеттик базага (КУБМБ) киргизүү зарыл;

- КУБМБ негизинде курулуш рыногунун эффективдүүлүгүн жогорулатуу жана инвестициялык жагымдуулукту камсыз кылуу үчүн мааниге ээ болгон курулуш компанияларына рейтингдик баалоо жүррүзүү мүмкүндүгү пайда болот;

- инветициялые стратегияны финансылык камсыз кылуу моделин ишке ашыруу максатында синдицирленген (инвестициялык) кредит берүүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын коммерциялык банктарына инвестициялык мамиленин шартында банктык синдикаттарды түзүүгө катышу сунушталат;

- ушуга байланыштуу синдицирленген (инвестициялык) кредит берүүнү өнүктүрүү боюнча кызыктар атарптардын күчтөрүн интеграциялоонун камсыздоо зарыл. Финансы-экономикалык структурасына (КР Финансы министрлиги, КР Экономика министрлиги, КР Улуттук банкы) синдицирленген (инвестициялык) кредит берүүнүжөнгө салуучу ченемдик-укуктук актыларды иштеп чыгуу жана кабыл алууну демилгелөө. Ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар тарабынан синдицирленген (инвестициялык) кредит берүүнү жайылтуу жана өнүктүрүү боюнча иш-чаралар планын иштеп чыгуу зарыл;

- курулушта финансылык контролдун эффективдүүлүгүн жогорулатуу үчүн милдеттүү аудит жөнүндө мыйзам долбоорун иштеп чыгуу жана киргизүү сунушталат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. **Шербекова, А.А.** [и др.] Анализ состояния автомобильных дорог в Кыргызской Республике [Текст]: илимий эмгектердин жыйнагы / А.А. Шербекова, Ж.Б. Ысыраилова. – Бишкек: Инженер академиясы Кырг. Респ., 2007. 228-234-б.

2. **Шербекова, А.А.**Тенденции развития строительной отрасли в КР [Текст] / А.А.Шербекова //Ж.Баласагын атын. КУУ. Атайын чыгарылыш выпуск, 2012. – 417-420-б.

3. **Шербекова, А.А.** Правовые основы финансового регулирования инвестиционного развития экономики КР [Текст]: А.А.Шербекова // Экономика жана финансы. – Бишкек: Ж.Баласагын атын. КУУнун жарчысы, 2013. 246-253-б.

4. **Шербекова, А.А.** Проблемы развития финансовых отношений в строительстве [Текст] / А.А. Шербекова // Кыргыз-Россияо славян университетинин жарчысы. – Бишкек, 2013. – № 10. – Т. 13. 125-128-б.

5. **Шербекова, А.А.** Механизм финансового регулирования инвестиционной стратегии строительных организаций [Текст] / А.А.Шербекова // Ж.Баласагын атын. КУУ жарчысы. – Атайын чыгарылыш. Б. 2. – Бишкек: КНУ им. Ж.Баласагына, 2013. 531-535-б.

6. **Шербекова, А.А.** Методологические аспекты инвестиционной направленности в строительной отрасли государства в условиях рынка [Текст] / А.А. Шербекова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - Бишкек, 2013. - № 1 (1). 62-65-б.

7. **Шербекова, А.А.** Тенденции фондооснащенности в строительной отрасли Кыргызской Республики и пути ее повышения [Текст] / А.А. Шербекова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - Бишкек, 2013. - № 2 (2). 32-37-б.

8. **Шербекова, А.А.** Обеспечение экономической безопасности строительных организациях путем контроля их инвестиционной деятельности

[Текст] / А.А.Шербекова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - Бишкек, 2013. - № 4 (11). 37-42-б.

9. **Шербекова, А.А.** Стратегическое планирование финансово-инвестиционной деятельности организаций СО [Текст] / А.А. Шербекова // Ж.Баласагын атын. КУУнун жарчысы. – Атайын чыгарылыш. 1-бөлүк. – Бишкек, 2014. 611-616-б.

10. **Шербекова, А.А.** Проблемы и пути инвестиционного развития [Текст] / А.А. Шербекова // КазЭУ им. Т.Рыскулова, Алматы, 2014. 1410 – 1423-б.

11. **Шербекова, А.А.**[ж.б.].Формирование механизма государственного регулирования технической оснащенности строительных предприятий Кыргызской Республики в рыночных условиях [Текст] / А.С. Рыспаева, А.А.Шербекова // КМКТАУ жарчысы. – 2015. -№4 (42). 253-257-б.

12. **Шербекова, А.А.** [ж.б.] Совершенствование воспроизводства автомобильных дорог в КР [Текст] / А. А. Шербекова, Ж. Б. Ысыраилова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. - Бишкек, 2015. - № 3 (10). 41-48-б.

13. **Шербекова, А.А.** Инвестиционное развитие строительной отрасли в Кыргызской Республике [Текст] / А.А.Шербекова // Научные стремления. – Минск, 2016. - № 2 (17). 122-129-б.

14. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Роль банковского кредита в обеспечении фондооснащенности строительных компаний Кыргызской Республики [Текст] / А.С. Рыспаева, А.А.Шербекова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии.– 2016, №1-2-2 (13). 373-378-б.

15. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Проблемы по развитию инвестиционной стратегии в строительстве [Текст] / А.А.Шербекова, Б.К. Мейманов, У.М. Абдылдаева // Решение проблем развития предприятий: роль научных исследований. – Краснодар, – 2016. -№ 8. . 10-б.

16. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Роль налогообложения в инвестиционном развитии строительства [Текст] / А. А. Шербекова, У.Н. Молдокматов. – М.: Изд-во «Интернаука», 2016. - №3. 52-54-б.

17. **Шербекова, А.А.** Инвестиционный анализ и формирование инвестиционной стратегии в строительстве КР [Текст]: эл аралык илимий-практикалык конференциянын материалдары / А.А.Шербекова // КМКТАУ жарчысы. - Бишкек, 2016. - № 2 (52). 195-199-б.

18. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Роль инвестиционного анализа при формировании инвестиционной стратегии [Текст]: илимий эмгектердин жыйнагы / А.А. Шербекова, Н. Маликова // КМКТАУ жарчысы. – Бишкек, 2016. - №2 (52). 199-204-б.

19. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Развитие стратегического анализа в строительстве [Текст] / А.А. Шербекова, А.Н. Ашырбекова // Вестник КГУСТА. - Бишкек, 2018. - № 1 (59). 121-125-б.

20. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Экономическая эффективность инновационных решений в дорожном строительстве Кыргызской Республики

[Текст] / А.А. Шербекова, Ж.Б. Ысыраилова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. –Бишкек,2017. - № 3 (18). 257-262-б.

21. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Инновационный подход к управлению воспроизводством автомобильных дорог Кыргызской Республики [Текст] / А.А. Шербекова, Ч.К. Сыдыкова, Ж.Б. Ысыраилова // Научно-технические ведомости СПбГПУ. Экономические науки. – Санкт-Петербург, 2018. – Т. 11. - №3. 96-107-б.

22. **Шербекова, А.А.**[ ж.б.] К вопросу обоснования алгоритма процесса учета финансовых результатов в строительных организациях КР [Текст] / А. А. Шербекова, Г.Т. Бегалиева. – М.: Изд-во «Интернаука», 2017. - №5-2(9). 51-55-б.

23. **Шербекова, А.А.**[ ж.б.] Строительная техника - как ключевой фактор в формировании организационно-технических условий строительной организации, её рыночной стоимости и производственной мощности [Текст] / А.С. Рыспаева, А.А.Шербекова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии.- КРСУ. – 2015, №3(10). – 41-47-б.

24. **Шербекова, А.А.**[ ж.б.] Анализ и оценка источников финансирования автомобильных дорог в Кыргызской Республике и проблемы улучшения их структуры [Текст] / А. А. Шербекова, Ж. Б. Ысыраилова. – М.: Изд-во «Интернаука», 2016. - № 3-3 (3). 48-51-б.

25. **Шербекова, А.А.**Финансовое регулирование инновационного развития строительной индустрии в условиях ЕАЭС [Текст] / А.А.Шербекова // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – 2017, №1-1 (16). 110-113-б.

26. **Шербекова, А.А.**[ ж.б.] Features of financial regulation in construction organizations in an EAEU [Текст] / А.А.Шербекова, У.М.Абдылдаева // КМКТАУ жарчысы. –2017. - № 1 (55). 215-219-б.

27. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Региональные аспекты инвестиционных процессов в Кыргызской Республике [Текст] / А.А.Шербекова, С.Эсенбекова // InternationalconferenceonEurasianeconomies. – КТУ Манас.– Бишкек,2017. – 232-235-б.

28. **Шербекова, А.А.**[ ж.б.] Оценка состояния строительных организаций Кыргызской Республики [Текст] / А.А.Шербекова, А.Сатаева // КМКТАУ жарчысы. –Бишкек, 2018. - №2 (60). 166-169-б.

29. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Анализ структуры финансирования в строительной отрасли Кыргызской Республики [Текст] / А.А.Шербекова, А.Сатаева // КМКТАУ жарчысы. – Бишкек, 2018. - №2 (60). 169-173-б.

30. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Современное состояние возвратности банковского кредита на жилищное строительство [Текст] / А.А.Шербекова, А.А. Чонкоева // Известия Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. –Бишкек,2013. - № 2 (21). 223-226-б.

31. **Шербекова, А.А.**[ ж.б.] Тенденции развития платежной системы в Кыргызской Республике [Текст] / А.А.Шербекова, Ф.Ж.Сатыбаев // Известия

Иссык-Кульского форума бухгалтеров и аудиторов стран Центральной Азии. – Бишкек,2018. - № 2 (21). 226-230-б.

32. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Кыргыз Республикасынын курулуш тармагынын региондордогу ишканалардын негизги өндүрүштүк фонддорунун заманбап абалы [Текст] / А.А.Шербекова, А.С.Рыспаева // КМКТАУ жарчысы. –Бишкек,2018. - №2 (60). 199-206-б.

33. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Факторы и направления повышения конкурентоспособности строительной отрасли [Текст] / А.А. Шербекова, А.А. Саякбаева // Наука и образование сегодня. – Иваново: Изд-во «Олимп», 2018. - № 11 (34). 16-20-б.

34. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Проблемы финансирования жилищного строительства в Кыргызской Республике [Текст] / А.А.Шербекова, Б.К.Мейманов, А.А. Чонкоева // Вестник экономики, права и социологи. – Казань: Изд-во "Эксперт", 2018, – № 4. 100-105-б.

35. **Шербекова, А.А.** [ж.б.] Анализ макроэкономической ситуации в регионах Кыргызской Республики и пути ее улучшения [Текст] / А.А.Саякбаева, А.А.Шербекова и др.// Евразийское научное объединение. –М.: ЕНО, 2018. – 12 (46). 272-276.

36. **Шербекова, А.А.**Проблемы и направления развития долгосрочного кредитования строительной отрасли в Кыргызской Республики [Текст] / А.А.Шербекова // РИЦ «Наука», – М.: НИЦ МИСИ, 2018. 75-85-б.

37. **Шербекова, А.А.** [ж.б.] Роль рейтинговой оценки строительных организаций в определении их инвестиционной привлекательности [Текст] / А.А.Шербекова, Н. Мойдунов // КМКТАУ жарчысы. - Бишкек, 2018. - №4 (62). 197-200-б.

38. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Особенности бухгалтерского учета в строительной отрасли Кыргызской Республики и его развитие [Текст] / А.А.Шербекова, Г.Т. Бегалиева // Евразийское научное объединение, – Т. 3. 2 (48). - М.: ЕНО,2019. 148-150-б.

39. **Шербекова, А.А.** Краткий экономический словарь: учебное пособие[Текст] /А.А.Шербекова, У.М. Абдылдаева // Бишкек: КМКТАУ, «Авангард» басылмасы, 2013. – 83 -б.

40. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Основы страхования: учебник для студентов экономических специальностей [Текст]/ А.А.Шербекова, Бубнов В.Г., Мурзалиева Э.И. –Бишкек: КМКТАУ, «Авангард» басылмасы, 2012. – 236-б.

41. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Страхование (Методическая разработка) [Текст] /А.А.Шербекова, Мурзалиева Э.И. - Бишкек: КМКТАУ, «Авангард» басылмасы, 2012. – 64-б.

42. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Актуальные проблемы финансов и кредитных отношений в строительной индустрии (Методикалык иштелме) [Текст] / А.А.Шербекова, У.М. Абдылдаева // Методическое указание к практическим занятиям для магистров по направлению 580100 - «Экономика». – Бишкек: КМКТАУ, 2016. 32-б.

43. **Шербекова, А.А.**[ж.б.] Инвестиционный менеджмент (Методикалык иштелме)[Текст] /А.А.Шербекова, Б.К. Мейманов // 580100 - «Экономика»

багыты боюнча магистранттар үчүн практикалык сабактардын методикалык көрсөтмөсү. –Бишкек: КМКТАУ,2016. 12-с.

44. **Шербекова, А.А.**[и др.] Управление финансами строительной организации (Методическая разработка) [Текст] /А.А.Шербекова, У.М. Абдылдаева // 580100 - «Экономика» багыты боюнча магистранттар үчүн практикалык сабактардын методикалык көрсөтмөсү. - Бишкек: КМКТАУ, 2016. 20-б.

## РЕЗЮМЕСИ

**«08.00.10 – финансы, акча жүгүртүү жана кредит» адистиги боюнча экономика илимдеринин доктору илимий даражасын изденип алуу үчүн Шербекова Анарбубу Аманкуловнанын «Кыргыз Республикасынын курулуш индустриясынын инвестициялык стратегиясын финансылык жөнгө салуу» - темасы боюнча диссертациясынын**

**Негизги сөздөр:** инвестициялар, инвестициялык ишмердүүлүк, курулуш индустриясы, инвестициялык стратегия, курулуштун финансылык потенциалы, курулуштун инвестициялык потенциалы, финансылык камсыздоо модели, финансылык жөргө салуу, кредит, финансылык контроль, курулуштагы аудит, салык инструменттери.

**Изилдөөнүн объектиси:** курулуштун инвестициялык ишмердүүлүк.

**Изилдөөнүн предмети:** инвестициялык стратегиянын теоретикалык жана методологиялык аспекттери жана аны жөнгө салуу методдору.

**Изилдөөнүн максаты:** курулуштагы инвестициялык стратегияны түзүүнүн теоретикалык абалдарын жана методологиялык негиздерин иштеп чыгуу, финансылык жөнгө салынуусу жана натыйжалуулугун жогорулатуу боюнча практикалык сунуштардын комплексин иштеп чыгуу.

**Изилдөөнүн методдору:** структура-логикалык, экономика-математикалык, системалык анализ, статистикалык салыштыруусу, көрүнүштөрдүн баалоо динамикасы, анализ жана синтез, монографиялык.

**Алынган жыйынтыктар жана алардын илимий жаңылыгы:** курулуш тармагынын инвестициялык стратегиясынын теориясын жана методологиясын бөлүп көрсөтүүнүн максатка ылайыктуулугу; инвестициялык стратегиянын жөнгө салуу методдору жалпыланды; финансылык жана ресурстук потенциалды баалоонун жана диагностика жүргүзүүнүн негизинде инвестициялык ишмердүүлүктү финансылык камсыздоону өнүктүрүү векторлору аныкталды, инвестициялык стратегияны түзүүнүн жана ишке ашыруунун методикалык камсыздоосу жана алгоритми иштелип чыкты. Инвестициялык стратегиянын сунушталган финансылык камсыздоо моделинин, курулуштагы финансылык контролдун ролун жогорулатуу жөнүндө сунуштардын негизинде инвестициялык стратегияларды финансылык жөнгө салуунун концептуалдуу негиздери жана инвестициялык активдүүлүктү колдоонун механизмдери негизделди.

**Пайдалануу деңгээли:** изилдөөнүн жыйынтыктары курулуш тармагын санариптештирүү боюнча программаны ишке ашырууда курулуш тарабынан жана курулуш тармагын инновациялык жактан өнүктүрүү программасын иштеп чыгууда КР Экономика министрлиги тарабынан, «Инвестициялык стратегиялар», «Корпоративдик финансы» дисциплиналарынан сабак берүүдө КР ЖОЖдору тарабынан пайдаланылышы мүмкүн.

**Колдонуу чөйрөсү:** Диссертациялык эмгектин корутундулары жана сунуштары Кыргыз Республикасынын курулуш тармагынын алдына коюлган бир катар милдеттерди чечүүдө диссертациянын негизги теоретикалык-методологиялык жоболорун жана уюштуруучулук-методикалык иштеп чыгууларын пайдаланууга жол берет.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Шербековой Анарбубу Аманкуловны по теме: «Финансовое регулирование инвестиционной стратегии строительной индустрии Кыргызской Республики» на соискание ученой степени ученой степени доктора экономических наук по специальности 08.00.10 – финансы, денежное обращение и кредит**

**Ключевые слова:** инвестиции, инвестиционная деятельность, строительная индустрия, инвестиционная стратегия, финансовый потенциал строительства, инвестиционный потенциал строительства, модель финансового обеспечения, финансовое регулирование, кредитование, финансовый контроль, аудит в строительстве, налоговые инструменты.

**Объект исследования:** инвестиционная деятельность в строительной индустрии.

**Предмет исследования:** теоретические и методологические аспекты формирования инвестиционной стратегии и методы ее регулирования.

**Цель исследования:** разработка теоретических положений и методологических основ формирования инвестиционных стратегий в строительстве, разработка комплекса практических рекомендаций по их финансовому регулированию и повышению результативности в рыночных условиях.

**Методы исследования:** структурно-логический, экономико-математический, системный анализ, сравнения статистических совокупностей, оценки динамики явлений, анализа и синтеза, монографический.

**Полученные результат и их научная новизна:** целесообразность выделения теории и методологии инвестиционной стратегии строительной отрасли; обобщены методы регулирования инвестиционной стратегии; на основе диагностики и оценки финансового и ресурсного потенциала определены векторы развития финансового обеспечения инвестиционной деятельности, обосновано и дано научное обеспечение выбора целей инвестиционной стратегии, разработан алгоритм и методическое обеспечение формирования и реализации инвестиционной стратегии. Обоснованы концептуальные основы финансового регулирования инвестиционных стратегий и механизмы поддержки инвестиционной активности на основе предложенной модели финансового обеспечения инвестиционных стратегий; рекомендаций о повышении роли финансового контроля в строительстве.

**Степень использования:** результаты исследования могут быть использованы Госстроем КР при реализации программы по цифровизации строительной отрасли, и Министерством экономики КР при разработке программы инновационного развития строительной отрасли, а также в вузах КР при преподавании дисциплины «Инвестиционные стратегии», «Корпоративные финансы».

**Область применения:** Выводы и рекомендации диссертационной работы позволяют использовать основные теоретико-методологические положения диссертации и организационно-методические разработки в решении ряда задач, стоящими перед строительной отраслью Кыргызской Республики.

# RESUME

**for the Dissertation of Sherbekova Anarbubu Amankulovna on the topic: «Financial regulation of the investment strategy of the construction industry of the Kyrgyz Republic», presented for the scientific degree of doctor of economic sciences on the specialties: 08.00.10 – finance, money turnover and credit**

**Keywords:** investments, investment activity, construction industry, investment strategy, financial potential of construction, investment potential of construction, model of financial security, financial regulation, crediting, financial control, audit in construction, tax instruments.

**Object of study:** investment activity in the construction industry.

**Subject of research:** theoretical and methodological aspects of the formation of an investment strategy and methods of its regulation.

**The purpose of the research:** the development of theoretical positions and methodological bases for the formation of investment strategies in construction, the development of a set of practical recommendations for their financial regulation and improvement of performance in market conditions.

**Research methods:** structural-logical, economic-mathematical, system analysis, comparisons of various statistical aggregates, evaluation of the dynamics of phenomena, analysis and synthesis, monographic.

**The result obtained and their scientific novelty**: the expediency of separating the theory and methodology of the investment strategy of the construction industry; summarizes the methods of regulating the investment strategy; on the basis of diagnostics and evaluation of financial and resource potential, vectors for the development of financial support for investment activities are determined, scientific support for the selection of investment strategy goals is substantiated and given, an algorithm and methodological support for the formation and implementation of an investment strategy is developed. The conceptual foundations of the financial regulation of investment strategies and mechanisms to support investment activity on the basis of the proposed model of financial support for investment strategies are substantiated; recommendations on enhancing the role of financial control in construction.

**Degree of use:** the results of the study can be used by the Gosstroy of the Kyrgyz Republic in implementing the program on digitization of the construction industry, and the Ministry of Economy of the Kyrgyz Republic in developing the program of innovative development of the construction industry, as well as in universities of the Kyrgyz Republic when teaching the disciplines “Investment strategies”, “Corporate finance”.

**Scope:** Conclusions and recommendations of the dissertation work allow you to use the main theoretical and methodological provisions of the thesis and organizational and methodological development in solving a number of problems facing the construction industry of the Kyrgyz Republic.

Кагаздын форматы60*84. 1/16
Офс. кагаз.Офс.басуу.Көлөмү 1,75п.л. Тираж 100 нуска.
«Ракет-принт» типографиясында басылды

Формат бумаги 60*84. 1/16
Бумага офс. Печать офс. Объем 1,75п.л. Тираж 100 экз.
Отпечатано в типографии «Аракет-принт»